**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**
**КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ФИЛОСОФИЯ БАГЫТЫ**

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ

**(МАГИСТИРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)**

**Элиза Эрнисбек кызы**

**БИШКЕК 2020**

**КТМУ.К.И.И.**
**ФИЛОСОФИЯ БАГЫТЫ**

**КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ**

**Элиза Эрнисбек кызы**

**БИШКЕК 2020**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ**
**КООМДУК ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ФИЛОСОФИЯ БАГЫТЫ**

# КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ

**(МАГИСТИРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)**

**Элиза Эрнисбек кызы**

**Жетекчи**

**Ф.и.д., проф. Жамгырбек Бөкөшов**

**БИШКЕК 2020**

## ЭТИКАЛЫК ТАЛАПТАР

Диссертациялык иш Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Коомдук илимдер институтунун «Магистрдик жана доктордук диссертация жазуу эрежелерине» ылайык жазылып, диссертацияда берилген маалыматтар, эмгектер жана документтер академиялык жана этикалык эрежелерди сактоо менен пайдаланылды. Ар кандай булактардан, отчеттордон алынган маалыматтар илимий жана моралдык эрежелерге ылайык берилди. Диссертацияда колдонулган бардык адабияттарга жана булактарга шилтеме жасалды. Диссертациянын оргиналдуулугуна ынандырып кете алам. Эгерде, эрежелердин бузулгандыгы аныкталса, мага каршы колдонула турган укуктук жоопкерчиликти тартууга даярмын.

Колу:

Аты-жөнү: Элиза Эрнисбек кызы

Датасы: 26.06.2020

## ETİK BEYAN

Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Lisansüstü Eğitim-Öğretim Tez Hazırlama ve Yazma Yönergesine uygun olarak hazırladığım bu tez çalışmasında; Tez içinde sunduğum verileri, bilgileri ve dokümanları akademik ve etik kurallar çerçevesinde elde ettiğimi; tüm bilgi, belge, değerlendirme ve sonuçları bilimsel etik ve ahlak kurallarına uygun olarak sunduğumu; tez çalışmasında yararlandığım eserlerin tümüne uygun atıfta bulunarak kaynak gösterdiğimi; kullanılan verilerde herhangi bir değişiklik yapmadığımı; bu tezde sunduğum çalışmanın özgün olduğunu bildiririm. Aksi bir durumda aleyhime doğabilecek tüm hak kayıplarını kabullendiğimi beyan ederim.

İmza:

Adı Soyadı: Eliza Ernisbek Kızı

Tarih: 26.06.2020

SHOT ON MI A2
MI DUAL CAMERA

**ПРОТОКОЛ**

Элиза Эрнисбек кызы даярдаган "Кыргыз философиясындагы адилеттүүлүк маселеси" аттуу диссертациясы төмөндө көрсөтүлгөн жюри тарабынан ***бир добуштан** / **көпчүлүк добуш*** менен Кыргыз-Түрк "Манас" университети Коомдук илимдер институтунун Философия багытында **магистрдик** диссертациясы катары кабыл алынды.

| Жюри | Академиялык даражасы, аты-жөнү | Иштеген жери | Диссертациянын мазмуну жана сапаты боюнча магистрдик диссертация деп *тастыктайм/ тастыктабайм* | Колу |
|---|---|---|---|---|
| Төрага | ф.и.д. проф. Ысманалы Мукасов | КУИА | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | PhD. проф. Вефа Ташделен | КТМУ | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | ф.и.д. проф. Жылдыз Урманбетова | КТМУ | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | ф.и.д. проф. Осмонакун Ибраимов | КТМУ | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | ф.и.д. проф. Гульнара Ботоканова | КУАУ | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | PhD. Кишимжан Эшенкулова | КТМУ | тастыктайм | [signature] |
| Мүчө | PhD. Абдирашит Бабатаев | КТМУ | тастыктайм | [signature] |

Диссертацияны коргогон күнү: 26/06/2020

Жюри тарабынан ***бир добуштан** / **көпчүлүк добуш*** менен кабыл алынган диссертация Институттун башкаруу кеңешинин 2020.3.1.02. номердүү жана 09/07/2020. күнкү чечими менен бекитилди.

[signature]

Проф. Др. Мустафа Оразан

Коомдук илимдер инстиутунун мүдүрү м.а.

**TEZ ONAYI**

Eliza ERNİSBEK KIZI tarafından hazırlanan "Kırgız Felsefesinde Adalet Konusunun Analizi " adlı tez çalışması aşağıdaki jüri tarafından OY BİRLİĞİ/ OY ÇOKLUĞU ile Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Sosyal Bilimler Enstitüsü Felsefe Anabilim Dalında **YÜKSEK LİSANS TEZİ** olarak kabul edilmiştir.

| **Jüri** | **Unvanı, Adı ve Soyadı** | **Çalıştığı Kurum** | **Bu tezin, kapsam ve kalite olarak Yüksek Lisans Tezi olduğunu** ***onaylıyorum / onaylamıyorum*** | **İmza** |
|---|---|---|---|---|
| Başkan | Prof. Dr. Ismanalı MUKASOV | KMBA | onayliyorum | [signature] |
| Üye | Prof. Dr. Vefa TAŞDELEN | KTMÜ | Onaylıyorum | [signature] |
| Üye | Prof. Dr. Cıldız URMANBETOVA | KTMÜ | onaylıyorum | [signature] |
| Üye | Prof. Dr. Osmonakun İBRAİMOV | KTMÜ | onaylıyorum | [signature] |
| Üye | Prof. Dr. Gulnara BOTOKANOVA | KMZÜ | onaylıyorum | [signature] |
| Üye | Dr. Kishimjan ESHENKULOVA | KTMÜ | onayliyorum | [signature] |
| Üye | Dr. Abdiraşit BABATAEV | KTMÜ | Onaylıyorum | [signature] |

Tez Savunma Tarihi: 26/06/2020

Jüri tarafından **oy birliğiyle/ oy çokluğuyla** kabul edilen bu tez Enstitü Yönetim Kurulu ..2020.31.02..... sayılı ve ....09/07/2020.... tarihli kararıyla onaylanmıştır.

[signature]

Prof. Dr. Mustafa ORÇAN

Sosyal Bilimler Enstitüsü Müdürü V.

# КЫСКАЧА МАЗМУНУ

| | |
|---|---|
| **Даярдаган** | : Элиза Эрнисбек кызы |
| **Университет** | : Кыргыз-Түрк “Манас” университети |
| **Багыты** | : Философия |
| **Иштин сыпаты** | : Магистрдик диссертация |
| **Беттердин саны** | : XV -114 |
| **Бүтүрүү датасы** | :26.06.2020 |
| **Илимий жетекчи** | : Ф.и.д., проф Жамгырбек Бөкөшов |

## КЫРГЫЗ ФИЛОСОФИЯСЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ

“Адилеттүүлүк” түшүнүгү күнүбүздө актуалдуу каралып жаткан маселелердин бири. Себеби адилеттүүлүк баарынан мурда адамга карата болгон гумандуу мамиледе пайда болгон, башка бардык изгиликтердин негизи болуп саналат. Адилеттүүлүк – коомдун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү. Ага негизделген коом дайыма гүлдөп өсөт. Адилеттүүлүктүн жарыгы – баарынан жарык, баарын өз ичине алат, мына ушул жарыктын алдында бардык коомдук турмуш гүлдөп өнүгөт.

Ушундан улам бул түшүнүк адамзаттын социалдык-саясий жашоосунда ар дайым өз ордун таап келет. Бул түшүнүк саясат философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири болуп, көбүн эсе саясат менен тыгыз байланыштырылып келет. Бирок адилеттүүлүктү бир гана социалдык жашоонун эле эмес, бүтүндөй ааламдын негизи, пайдубалы катары кароого болот. Себеби аалам жаралгандан тарта эле белгилүү бир ыраат, ирээт, кандайдыр бир табигый тартип бар экендиги

бүгүнкү күндө баарыбыз маалым. Айталы, биз жашап жаткан жер, ж.б. планеталар өз нугунда айланып жүрөт, эч бири, эч кандай тартипти, иретти бузбайт. Жандуу жаратылышта да айта турган болсок, ар бир жандуунун өз кызматы, орду бар. Бири башкасына азык болгону менен, табигый жүрүшүндө эч качан баланс, тең салмактуулук бузулбайт. Мына ушундан улам терең талдап баамдай турган болсок, ааламда тең салмактуулуктун, кылыстыктын, адилеттүүлүктүн бар экендиги жана жашап тургандыгы өзүнөн өзү келип чыгат.

Адилеттүүлүк – деген эмне? Анын маңызы, мазмуну кандай? Ал адам турмушунда, деги эле ааламда кандай мааниге ээ? Адилеттүүлүк болбосо кандай болмок? Мындай маселени бир гана философия коюп, булардын маани-манызын, мазмунун изилдейт. Албетте, бул түшүнүктөр коомдук турмушта кеңири колдонулуп келет. Динде, саясатта, адабиятта жана күнүмдүк тиричиликте колдонулганы менен абстракттуу категориялардан болгондуктан ар дайым эле сөздүн теги, мааниси талдана бербейт. Мындай жоопкерчиликти философия өз мойнуна жүктөйт. Себеби, терминдерди жиктеп, талдап, салыштыруу, анын көрүнбөгөн жактарын, маңызын ачуу, аныктама берүү - философиянын милдети. Философия гана, өзгөчө философия илиминин негизги багыты болгон онтология ар кандай түшүнүк терминдердин маңызын ачып, түпкү маани-мазмунун табууга аракет кылат. Демейки түшүнүктөрдөн тартып, мезгил менен мейкиндиктин чегинен сырткары турган эркиндик, акыйкат, сулуулук, эрк сыяктуу абстракттуу категорияларды онтологиялык электен өткөрүп, анын объективдүү маңыз катары кандай касиеттерге ээ, кулулуш катары кандай өзгөрө тургандыгын изилдейт.

Биз айтып жаткан адилеттүүлүк түшүнүгү да мына ошондой мейкин менен мезгилдин рамкасынан сырткары турган өзгөчө бир болум. Ал объективдүү маңыз катары ар дайым бар жана түбөлүктүү. Ал акыйкатка дал келген чындык. Эч ким анын маңызын эч качан түп тамырынан жок кыла албай турган фундаменталдуу категория. Аалам түзүлүшүнүн башатында орун алган жана анын бар болуусунда ар дайым шайкештикти камсыз кылуучу улуу мыйзам. Макрокосмос менен микрокомостун байланышынын чен-өлчөмү, б.а. адамзаттын социум менен да, табият менен болгон карым-катышында да калыстыкты, теңдикти, аяр мамилени көңүл коюу менен туура мамиле кылуунун зарылдыгын билдирген түпкүлүктүү түшүнүк.

Деги эле адилеттүүлүк түшүнүгү адам коомунда тээ байыртадан эле бар болуп, социалдык жашоо-турмуштун зарыл шарты катары бүгүнкү күнгө чейин жашап келе жатат.

Адилеттүүлүктү изилдегендер көп, бирок аны эч ким ушул убакка чейин толугу менен так далилдеп бере албай келет. Бул түшүнүктү көптөгөн тармактар изилдеп келишет, бирок белгилүү бир тыянак жок. Дал ошол себептен "адилеттүүлүктү" философиялык категориялардын арасына кошуп, ар тараптап изилдөө, аны менен бирге, бул маселе Түрк-ислам дүйнөсүндө кандай мүнөз күттү, анын мааниси, ролу кандай деген суроолорго жооп издөө аркылуу адилеттүүлүк маселесин дагы да тереңирээк түшүнүүнү камсыз кылууну туура көрдүк.

Бул диссертациялык иште түрк дүйнөсүнүн анын ичинде кыргыз философиясынын көрүнүктүү ойчулу Жусуп Баласагындын “Кут Билим” дастанындагы адилеттүүлүк түшүнүгүн философиялык изилдөө жүргүзүлдү. Анын түпкү онтологиялык маңызын ачуу менен катар саясий жана юридикалык укуктук маанилерине да кайрылдык.

Диссертация жалпы жолунан үч бөлүмдөн турат. Ар бир бөлүмдө үчтөн параграф бар.

Түйүндүү түшүнүктөр: Адилеттүүлүк, калыс, теңдик, тең салмактуулук.

# ÖZ

| | |
|---|---|
| **Yazar** | : Eliza Ernisbek Kızı |
| **Üniversite** | : Kırgızistan Türkiye Manas Üniversitesi |
| **Anabilim Dalı** | : Felsefe |
| **Tezin Niteliği** | : Yüksek Lisans Tezi |
| **Sayfa Sayısı** | : XV-114 |
| **Mezuniyet Tarihi** | : 26.06.2020 |
| **Tez Danışmanı** | : Prof. Dr. Camgırbek BÖKÖŞOV |

## KIRGIZ FELSEFESİNDE ADALET KONUSUNUN ANALİZİ

"Adalet" kavramı günümüzde ele alınan güncel kavramlardandır. Sebebi adaletin her şeyden önce insanlara yönelik olması, insancıl ilişkilerle ortaya çıkması ve başka bütün erdemlerin temeli olduğu fikridir.Adalet toplumun gelişmesine harekete geçiren güçtür. Onu temel alan toplum daima çiçek gibi açar. Adaletin ışığı bütün ışıklardan aydınlıktır ve hepsini kendi içine alır. İşte bu ışığın altında bütün toplum yaşantısı gelişir.

Bu yüzden bu düşünce insanların sosyal ve siyasi hayatında her zaman kendine yer bulur. Bu kavram siyaset felsefesinin temel kavramlarından biri olup, çoğu zaman siyaset ile yoğun ilişki içerisindedir. Fakat Adalet kavramını sadece sosyal hayatın değil, bütün dünyanın yapı taşı olarak görebiliriz. Sebebi dünya yaratılırken her şeyin belli bir düzen ve sıra içerisinde yaratıldığını hepimiz bilinmekteyiz. Örneğin, bizim yaşadığımız yer vs. gezegenler kendi ekseni etrafında dönmekte, hiçbiri, asla düzenini ve tertibini bozmamaktadır. Canlılar hakkında da bahsetmek gerekirse tüm canlıların da kendine göre yeri ve görevi vardır. Bir başkasına yem olması ile birlikte doğada hiçbir zaman denge bozulmaz. Bundan yola çıkacak olursak, dünyada dengenin, tarafsızlığın ve adaletin var olduğu şüphesizdir.

Adalet nedir? Özü ve içeriği nedir? İnsan yaşamında ve bir bütün olarak evrendeki önemi nedir? Ya adalet olmasaydı? Sadece felsefe böyle bir soruyu gündeme getirir ve anlamını ve içeriğini inceler. Tabii ki, bu kavramlar kamusal hayatta yaygın olarak kullanılmaktadır. Din, siyaset, edebiyat ve günlük yaşamda kullanılsalar da soyut kategoriler oldukları için her zaman analiz edilmezler. Felsefe bu sorumluluğu üstlenir. Çünkü felsefenin görevi terimleri sınıflandırmak, analiz etmek ve karşılaştırmak, görünmez yönlerini ve özlerini ortaya çıkarmak ve tanımlamaktır. Sadece felsefe, özellikle de felsefi bilimin ana yönü olan ontoloji, çeşitli kavramsal terimlerin özünü

ortaya çıkarmaya ve gerçek anlamlarını bulmaya çalışır. Temel kavramlara dayanarak, zaman ve mekan sınırlarının ötesine geçen özgürlük, adalet, güzellik ve irade gibi soyut kategorileri inceler ve nesnel bir varlık olarak mülklere nasıl sahip olduklarını ve köle olarak nasıl değişebileceklerini araştırır.

Bahsettiğimiz adalet kavramı, böyle bir mekanın ve zamanın özel bir parçasıdır. Her zaman var olur ve nesnel bir varlık olarak ebedidir. Bu hayatın bir gerçeği. Bu, kimsenin yok edemeyeceği temel bir kategoridir. Bu, evrenin temelini oluşturan ve varlığında daima uyum olmasını sağlayan büyük bir yasadır. Makrokozmos ve mikrokozmos arasındaki ilişkinin derecesi, yani. Bu, hem toplumda hem de doğadaki insanlığa adil, eşit ve dikkatli bir tutum ihtiyacını vurgulayan temel bir kavramdır.

Genel olarak adalet kavramı insan toplumunda çok eskiden beri var olup, sosyal hayat yaşantısının gerekli bir koşulu olarak günümüze ulaşmıştır.

Adalet kavramını araştıran birçok kişi olmasına rağmen, hiç kimse onu tam olarak ıspatlayamamıştır. Bu kavram birçok alanda araştırılmakta fakat belirli bir sonuca ulaşılmamaktadır. İşte bu sebeplerden dolayı "Adaleti" felsefe konuları arasına ekleyip, Türk-İslam Dünyasındaki anlamını ve rolünü araştırmayı, adalet kavramının daha derin şekilde incelenmesi gerektiğini düşündük.

Bu tez çalışmasında Türk Dünyasının ve Kırgız felsefesinin ünlü düşünürü Yusuf Has Hacip'in "Kutadgu Bilig" eserindeki adalet kavramı felsefik olarak alındı. Onun ontolojik önemini belirtmesi ile birlikte siyasi ve hukuki-yasal değerlerine de başvurduk.

Bu tez üç bölümden oluşmaktadır. Her bir bölümde de 3 paragraf vardır.

Anahtar kelimeler**:** adalet,  tarafsızlık, eşitlik ve denge

## АБСТРАКТ

| | |
|---|---|
| **Подготовила** | : Элиза Эрнисбек кызы |
| **Университет** | : Кыргызско-Турецкий университет “Манас” |
| **Направление** | : Философия |
| **Характер работы** | : Магистерская диссертация |
| **Количество страниц** | : XV-114 |
| **Дата окончания** | : 26.06.2020 |
| **Научный руководитель** | : Д.ф.н., проф Жамгырбек Бокошов |

## ПРОБЛЕМА СПРАВЕДЛИВОСТИ В КЫРГЫЗСКОЙ ФИЛОСОФИИ


Понятие "справедливость" - одна из актуальных проблем, рассматриваемых в настоящее время. Так как справедливость является основой всех благодеяний, возникших, прежде всего, в гуманных отношениях к человеку. Справедливость - движущая сила развития общества. Общество, основанное на ней, всегда будет цвести. Свет справедливости - ярче всего, все включает в себя, и именно в этом свете социальная жизнь будет развиваться.

Исходя из этого, это понятие находит свое место в социально-политической жизни человечества. Будучи одним из основных понятий политической философии, данное понятие в основном тесно связано с политикой. Однако, справедливость можно рассматривать не только как основой социальной жизни, но и всей вселенной. Известно, что с самого создания мира существует некая последовательность, естественный порядок. Допустим, наша планета Земля и другие планеты солнечной системы вращаются вокруг солнца, не нарушая никакого порядка. Говоря о живой природе, мы так же можем сказать, что у каждого живого организма есть свое место и задача. Пищевая цепь поддерживает баланс в природе, не нарушая равновесия. Исходя из этого, существование равновесия во вселенной, невинности, справедливости остается вне сомнений.

Что такое справедливость? Какова его сущность и содержание? Каково его значение в жизни человека и во вселенной в целом? Что если бы не было справедливости? Только философия ставит такой вопрос и изучает их значение и содержание. Конечно, эти понятия широко используются в общественной жизни. Хотя они используются в религии, политике, литературе и повседневной жизни, они не всегда анализируются, потому что они являются абстрактными категориями. Философия берет на себя эту ответственность. Потому что, это задача философии - классифицировать, анализировать и сравнивать термины, раскрывать их невидимые аспекты и сущность и определять их. Только философия, особенно онтология, которая является основным направлением философской науки, пытается раскрыть сущность различных концептуальных терминов и найти их истинное значение. Исходя из базовых концепций, он рассматривает абстрактные категории, такие как свобода, справедливость, красота и воля, которые выходят за границы времени и пространства, и исследует, как они обладают свойствами в качестве объективной сущности и как они могут изменяться в качестве рабов.

Концепция справедливости, о которой мы говорим, является особой частью такого пространства и времени. Он всегда существует и вечен как объективная сущность. Это факт жизни. Это фундаментальная категория, которую никто не может искоренить. Это великий закон, который лежит в основе вселенной и гарантирует, что в ее существовании всегда есть гармония. Степень взаимосвязи между макрокосмом и микрокосмом, т.е. Это фундаментальная концепция, которая подчеркивает необходимость справедливого, равного и бережного отношения к человечеству как в обществе, так и в природе.

Возникнув когда-то в обществе, понятие справедливости является и по сей день обязательным условием социально-бытовой жизни.

Несмотря на то, что изучавших справедливость много, до сих пор никто не может полностью ее доказать. Это понятие исследуют разные отрасли, но нет известного одного вывода. Именно поэтому, мы посчитали правильным, точнее и глубже понять проблему справедливости, путем определения ее роли, значения в Тюркско-исламском мире, а также разносторонне изучить его, включив "справедливость" в категории философии.

В данной диссертации было проведено исследование философии справедливости поэмы "Кутадгу Билиг" ("Кут билим") выдающегося мыслителя тюркского мира, а именно, кыргызской философии Юсуфа Баласагуни. Определяя ее онтологическую важность, обратились также к политическим и юридически-правовым значениям.

Диссертация в целом состоит из трех частей. В каждой части три параграфа.

Ключевые слова: справедливость, беспристрастие, равенство, рановесие.

# ABSTRACT


| | |
|---|---|
| **Author** | : Eliza Ernisbek kyzy |
| **University** | : Kyrgyz –Turkish «Manas» University |
| **Department** | : Philosophy |
| **Thesis Level** | : Master Thesis |
| **Number of Pages** | : XV-114 |
| **Graduation Date** | : 26.06.2020 |
| **Thesis Adviser** | : Prof. Dr. Zhamgyrbek BOKOSHOV |


## THE ANALYSIS OF JUSTICE IN KYRGYZ PHILOSOPHY


The concept of "justice" is considered as one of the most pressing problems in our days. Justice arose from the humane treatment of man, and is the basis of all other virtues. Justice is a driving force for the development of society. Because of justice, there is prosperity in society. The light of justice is the light of everything, and towards this light all social life flourishes.

Because of this, this concept always finds its place in the socio-political life of mankind. This concept is one of the main concepts of political philosophy and is largely related to politics. But justice can be seen not only as the foundation of social life, but also as the foundation of the universe as a whole. Today, everyone knows that since the creation of the universe, there has been a sequence, a kind of natural order. For instance, let's look at the planet Earth, where we live, and other planets, they are all rotates around their own axis, without disturbing any order or balance. Or let’s take wildlife as an example: each creature in there has its own function, its own place. One can be considered as a food for the other, so the balance is not disturbed. Based on this, we can conclude that there is an equilibrium, justice and balance in the universe.

What is justice? What is its essence and content? What is its significance in human life and in the universe as a whole? What if there was no justice? Only philosophy raises such a question and studies their meaning and content. Of course, these concepts are

widely used in public life. Although they are used in religion, politics, literature, and everyday life, they are not always analyzed because they are abstract categories. Philosophy takes this responsibility. Because, it is the task of philosophy to classify, analyze and compare terms, to reveal their invisible aspects and essence and to define them. Only philosophy, especially ontology, which is the main direction of philosophical science, tries to uncover the essence of various conceptual terms and find their true meaning. Based on basic concepts, it examines abstract categories, such as freedom, justice, beauty and will power, that go beyond the boundaries of time and space, and explores how they possess properties as an objective entity and how they can change as slaves.

The concept of justice that we are talking about is a special part of such space and time. It always exists and is eternal as an objective entity. This is a fact of life. This is a fundamental category that no one can eradicate. This is a great law that underlies the universe and ensures that there is always harmony in its existence. The degree of relationship between macrocosm and microcosm, i.e. This is a fundamental concept that emphasizes the need for a fairness, equality and respectful attitude to humanity both in society and in nature.

Generally, the concept of justice has existed in human society for a long time and it still exists as a necessary condition of social life.

There are many who studies justice, but no one has yet been able to give a definite idea of it. Many industries are investigating this concept, but there are no conclusions. So, for this reason "justice" is among of the philosophical categories. We will thoroughly investigate the information, providing a deeper understanding of the issue of justice by searching for answers to questions about the nature of this issue in the Turkish-Islamic world, its significance and role.

This dissertation work conducts a philosophical study of the concept of justice in the Dastan "Kut Bilim", which was written by an outstanding thinker of the Turkic world, as well as Kyrgyz philosophy Zhusup Balasagyn. Along with the revelation of its ultimate ontological essence, we have appealed to the political and legal values.

The dissertation consists of three sections. Each section contains three paragraphs.

**Keywords:** justice, objectivity, equality, balance.

## Баш сөз

Адилеттүүлүк бул - жаркын жашоо демектир. Ар бир коом адилеттүүлүк орногон мамлекетти эңсейт. Ал эми ар инсан жүрөгүндө адилеттүүлүктүн жашоодо орун алышын каалайт. Адилеттүүлүк түшүнүгүн терең карап, талдоо, анын маани-маңызын ачуу философиянын иши. Адилеттүүлүк ар тараптан карап, кыргыз-түрк маданиятынын көрүнүктү ойчулу Жусуп Баласагындын "Кут билим" чыгармасындагы адилеттүүлүктүн чагылдырылышын чечмелеп, анын табияттагы жана коомдогу ордун эбегейсиз экендигин талдап өтүүнү туура көрдүк.

Алгач мени жарык дүйнөгө алып келген, таалим-тарбия берип ушул даражага жеткирген ата-энеме терең таазим кылам.

Эч кандай каражатсыз жогорку деңгээлде билим алып жаткандыгым үчүн Кыргыз-Түрк Манас университетинин жалпы жамаатына терең ыраазычылыгымды билдирип кетем. Ошондой эле бизди алга сүйрөп, билимин аябай, бизге философиянын дүйнөсүн ачып берген, талыкпай эмгектенген, биздин философия бөлүмүнүн ардактуу мугалимдерине терең таазим кылып, ыраазычылыгымды билдирем.

Менин бул диссертацияны жазууда чоң салымын кошкон, кеп-кеңеши менен бөлүшүп, мени менен иштешип, билимин берген илимий жетекчим ф.и.д., проф. Жамгырбек Бөкөшовго терең ыраазычылыгымды билдирип кетмекчимин!

Бишкек – 2020 Элиза Эрнисбек кызы

# МАЗМУНУ

**Этикалык талаптар**..........................................................................ii

**Протокол**..........................................................................................iii

**TEZ ONAY SAYFASI**..........................................................................iV

**КЫСКАЧА МАЗМУНУ**…………………………..……………vi

**ÖZ**........................................................................................................Viii

**АБСТРАКТ**………………………………….……....……..……x

**ABSTRACT**…………………………...............................……xıı

**БАШ СӨЗ/ЫРААЗЫЧЫЛЫК**……………………….………..xıV

**МАЗМУНУ**…..………...............................…….……….xV

**КИРИШҮҮ**……...........................................................................1

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

## "АДИЛЕТТҮҮЛҮК" ФИЛОСОФИЯЛЫК МАСЕЛЕ КАТАРЫНДА

1.1.Адилеттүүлүк боюнча жалпы түшүнүк…………………....……….9

1.2.Адилеттүүлүктүн философия тарыхында каралышы……….....…14

1.3.Адилеттүүлүк маселесин философиялык аспекттен кароо…..........21

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

## ТҮРК-ИСЛАМ МАДАНИЯТЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮК МАСЕЛЕСИ ЖАНА ЖУСУП БАЛАСАГЫН

2.1. Түрк элдеринде адилеттүүлүк түшүнүгү…..……….....………….25

2.2. Исламдагы адилеттүүлүк түшүнүгү……...………………….......28

2.3 Кыргыз философиясы жана Жусуп Баласагын…………......……..31

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

## ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН “КУТ БИЛИМ” ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ АДИЛЕТТҮҮЛҮКТҮН ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

3.1. Жусуп Баласагындын философиядагы орду…………..........…..47

3.2. “Кут билимде” адилеттүүлүк түшүнүгүнүн чечмелениши….........53

3.3. “Кут билимде” адилеттүүлүк маселесинин саясат жана укукка байланыштуу каралышы……………………………………......……65

**КОРУТУНДУ**…………………………………………..........…...77

**ÖZET**..........................................................................................................93

**КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР**………….....................……........113

**ӨМҮР БАЯН**……………………………………………………......114

# КИРИШҮҮ

“Адилеттүүлүк” түшүнүгү күнүбүздө актуалдуу каралып жаткан маселелердин бири. Себеби адилеттүүлүк баарынан мурда адамга карата болгон гумандуу мамиледе пайда болгон башка бардык изгиликтердин негизи болуп саналат. Адилеттүүлүк – коомдун өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү. Ага негизделген коом дайыма гүлдөп өсөт. Адилеттүүлүктүн жарыгы – баарынан жарык, баарын өз ичине алат, мына ушул жарыктын алдында бардык коомдук турмуш гүлдөп өнүгөт.

Ушундан улам бул түшүнүк адамзаттын социалдык-саясий жашоосунда ар дайым өз ордун таап келет. Ошондой эле саясат философиясынын негизги түшүнүктөрүнүн бири десек туура болот. Адилеттүүлүктү изилдегендер көп, бирок аны эч ким ушул убакка чейин толугу менен так далилдеп бере албай келет. Бул түшүнүктү көптөгөн тармактар изилдеп келишет, бирок белгилүү бир тыянак жок. Дал ошол себептен “адилеттүүлүктү” философиялык категориялардын арасына кошуп, ар тараптап изилдөө, аны менен бирге кыргыз-түрк элдеринин көрүнүктүү ойчулу Жусуп Баласагындын “Кут билим” чыгармасындагы ордун, маани-маңызын, ачып, талдап, изилдөө талапка ылайык деп ойлойм.

Учурда, кыргыз мамлекеттүүлүгүн жана элдин ынтымагын бекемдөө, кыргызстандыктардын жаңы муунун патриоттуулукка жана адеп-ахлакка, адилеттүүлүккө, чынчылдыкка тарбиялоо үчүн кыргыз маданиятындагы, адабиятындагы, философиясындагы улуу ойчулдардын чыгармаларына, идеаларына кайрылып, аларды жайылтуу максатында бир катар иш-чаралар өтүүдө. “Жусуп Баласагын” - түрк тилдүү элдеринин анын ичинде кыргыз элинин тарыхында өзгөчө барктуу инсан болгон. Улуу ойчулдун чыгармалары жаш муунду мекенчилдикке тарбиялап, мамлекетти бекемдөөгө, адилеттүүлүккө, улуттук баалуулуктарды туу тутуу менен, тарыхый-адабий мурастарды ыйык сактоого үндөйт.

Жусуп Баласагындын философиялык ой-жүгүртүүлөрү жана чыгармасы, адамдын адам болуп калыптанышына, табият жана айлана-чөйрө менен болгон мамилеси, жашап жаткан ата-мекенине болгон өзгөчө сезимдерди козгоп, патриоттуулукка дем берет. Мындан 10 кылым мурда Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкари түрк дүйнөсүнүн берметин жазышкан. Өзгөчө Жусуп Баласагындын асыл идеяларында, жаш муунду гана эмес, мамлекеттик башкаруудагы адамдардын, жүрүм-турумдук, инсандык касиеттерди бийик тутуу жана мамлекеттүүлүккө, мекенге болгон мамилелерди кыйыр да, түз да берген. “Кут билим” чыгармасы жаштарга, келечек муунга калыптануу процессинде чырак болуп бере алат.

Келечекте болом десең таптаза,

Эки дүйнө күнөө кылбай ак жаша![1]

деп Жусуп Баласагындын асыл ойлорунда айтылгандай, адам баласын тазалыкка, аруулукка чакыруу менен мекенчилдикке, патриоттуулукка үндөгөн. Кыргызстандын орто кылымдардагы мамлекеттүүлүк тарыхынын орчун доору Карахандар кагандыгынын тарыхы менен байланыштуу. Бул доордо Караханийлер илимге кош жылдызды берген. Алар – Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкари Барскани. Жусуп Баласагындын жалгыз чыгармасы - “Кут билим” дастанынын башкы идеясы мамлекет башкаруучуларды тарбиялоо жана окутууга багытталган. Бирок бул чыгарма Совет доорунда ачыкталбай келген. “Кут билим” чыгармасы акылмандык менен бийлик жүргүзүүгө, адамдарга жакшы мамиле кылууга алып баруучу жолду көрсөтүүгө максатталган. Ошондой эле, Жусуп Баласагындын мамлекеттик башкаруунун теориясына жана тажрыйбасына зор салым кошкон окумуштуу. Ал кыргыз мамлекетинин, кыргыз элинин даңазасын чыгарууда да орду чоң инсан болгон.

Белгилүү болгондой, автордун “Кут билим” поэмасында адилеттүүлүк тууралуу маселе борбордук орунду ээлейт. Ошол себептен “адилеттүүлүк” деген түшүнүк Жусуп Баласагындын социалдык-этикалык окуусунда абсалюттуу жана

[1] Жусуп Баласагын:Куттуу билим,которгон:Т.Козубеков,М,1993, 305-бейт, 23-бет;

объективдүү негизди түзөт. Калган этикалык түшүнүктөр өзүнүн салыштырмалуу, субъективдүү мүнөзү боюнча ушул түшүнүктүн туундусу катары көрүнөт. Жусуп Баласагындын чыгармасындагы мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу үлгүсү берилген. Анын ырааттуу иеархиялык социалдык-саясий баскычтардан турган структурасы бар. Мамлекеттин башында адилеттүүлүктү, калыстыкты нарктаган өкүмдар турат. Ал адамгерчилик сапаттардын мыктыларын гана оюна сиңирген, ар тараптуу билими бар инсан. “Кут билимде” автор өкүмдар үчүн зарыл болгон адеп-нравалык принциптердик системасын иштеп чыккан. Өкүмдардын адилеттүү болушу, жалпы журтка калыс, гумандуу кароо идеясы чыгарманын бүт толук аралап өтүп, акыл менен насааттарга сугарылып, азыркы тил менен айтканда, жашоонун кодекси, негизги мыйзамына айланып калган деп белгилөөгө болот. Чыгарманын беш каармны Күнтууду элик, ал –падыша. Жусуп аны “Баяндын беш каарманы, жеткен адилет Күнтууду элик туурасында айтылат” деген бөлүмүндө тааныштырат:

Бир бек болду дүйнөдө өзү баатыр,

Сөз ишинен тамырдай тарады акыл.[2]

Ал Күнтууду дүйнөгөатагы ашкан,

Бактылуу, бардык жакта даңташкан.[3]

Күнтууду элик бийлик жүргүзүшүндө увазирлерине таянат, алардын кеп-кеңешин угат, бүгүнкү турмуш менен караганда, өкүмдарлык демократиялык ык менен жүргүзүлөт. Дастандагы адилет, иш билги башкаруу идеясы да актуалдуулугун жоготпогондугун, өз күчүндө экендигин белгилебей коюга мүмкүн эмес. Жусуп Баласагын айткан ошол идеяларды тутуу азыркы мезгилде да ар бир мамлекет башчысынан талап кылып турган кези. Өкүмдар бардык жагынан мыкты, таза инсан болушу абзел. Ага ичимдик ичүү, кумар ойноо жарашпайт. Мындай жаман сапаттарга азгырылган өкүмдардын элинде тынчтык, бейпилдик болбойт, анын эли да шалаака, ыйкы-тыйкы маанайга берилет. Бул өңдүү терс сапаттарга ээ

[2] Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон:Т.Козубеков,М1993, 405-бейт,84-бет;
[3] Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон:Т.Козубеков,М1993, 406-бейт,85-бет;

жетекчиге поэмада берилген баалуу кеңештер бүгүн да, эртең да пайдалуу жана эч качан көөнөрбөйт. Орто кылымдагы чыгыштын коомдук пикиринде мамлекет башчысынын белгилүү бир типтүү идеал-модели түзүлгөн. Мисалы, Аль-Фарабинин социалдык концепциясы боюнча, эл башында өзүндө адамгерчиликтин эң асыл касиеттерин бириктирген инсан гана тура алат. Жусуп Баласагын ошол салттуу жолдуу тутуп, мамлекет башчысынын идеалдуу социоэтикалык образын түзөт. Ж.Баласагындын түшүнүгүндө өкүмдардын тубаса акылы менен окуп үйрөнгөн билим диалектикалык биримдикти түзөт. Мындай көз караш Платондун, Аристотелдин жана Фарабинин да эмгектеринен кездешет. Өкүмдардын акылдуулугу жана билимдүүлүгү, адамгерчиликтин асыл сапаттарын аркалаган адилеттүүлүгү, жомарттыгы коомдук турмуштун бакубаттуулугунун бирден-бир шартты деп түшүнгөн ойчул. Жусуп Баласагын адам баласынын коомдогу ээлеген ордун, адамдын басып өткөн жолун, анын эмгектенүүсүнүн натыйжасында мамлекет пайда болгондо, адамзат аны менен эриш-аркак болуп, адам баласы өзүнүн жакшы сапаттары менен мамлекетти, айрыкча илими аркылуу башкара алат деп көрсөткөндүгү. Мындай мыкты сапаттардын катарына улуу ойчул, биринчи кезекте, билим жана эмгекти коет:

Билим менен эмгек ишти бүтүрөт,

Илим, бекти мурасына жеткирет.[4]

Калкты башкаруу үчүн эң жакшы мыйзам керек экендигин айтуу менен, ойчул мындай мыйзам адилеттүүлүктү камсыз кыларын ишенген. Анткени, анын пикири боюнча адилеттүүлүк, бул ак дилдин иши, аны жактаган кишинин сөзү да, дили да, иши да төп келет, мындай адам эл алдында дайыма жүзү жарык болот. Адилеттүүлүк бул өкүмдарга өлкөнү башкарууда урмат-сый, даңк алып келээрин зор ишенимдүүлүк менен жазган. Бул айтылып жаткан маселе боюнча Жусуп Баласагын өз ой-пикирин жыйынтыктап, мындай тыянак чыгарат:

Эгерде бектер берсе жакшы заңды,

[4] Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон:Т.Козубеков,М1993, 161-бейт,56-бет;

Дей бергин бузуктар бүт абакталды.[5]

Гуманист – ойчул эзүүчүлүктү, таптык текеберчиликти, ач көздүктү жектеп, адамдын мейли бай, мейли кедей болсун кадыр-баркын жогору баалаган. Хандар, бектерге кайрылып, автор аларды кенендикке, сабырдуулукка, бооруукерликке, дыйкандардын, малчылардын, кол өнөрчү, усталардын ак эмгегин адилеттүү, калыс баалоого үндөгөн. Ал эми калайык калкты өз бектерин, өкүмдарына ак кызмат өтөөгө, алардын жакшылыгын ар дайым көңүлгө тутууга чакырган. Автордун ою боюнча, ошондо гана коомдо бейпил, бакубат турмуш, үлгүлүү мамилелер өкүм сүрөт. Коомдогу гармониялуу мамилелердин бирден бир зарыл шарты катары автор гумандуу, адилеттүү мыйзамдардын болушун ачык айткан. Адилеттүүлүктү, калыстыкты сак туткан мыйзамдар коомдун ар бир үй-бүлөсүндө бактылуу турмуш өкүм сүрөт. Ал эми туура мыйзамдарды акылдуу жана билимдүү өкүмдар гана чыгарып, ошолордун негизинде бийлик жүргүзөт. Жусуп бийлик жана саясат түшүнүктөрүн башкаруу түшүнүктөрү менен окшош караган. Адилеттүүлүк – өкүмдардын эң асыл, эң нарктуу касиети. Ошондуктан чыгарманын башкы каарманы өкүмдар Күнтууду бийликтин негизи адилеттүүлүк, ал адилет жолу менен гана күчтүү деп бийлик саясатынын зарыл критерийи катары адилеттүүлүктү, чындыкты аздектеп, даңазалаган. Ж.Баласагын өз эмгегинде идеалдуу мамлекеттин утопиялык моделин түзүп кыялданган. Автордун ою боюнча мамлекеттин, анда жашаган калктын бейпил турмушу билимдүү, акылдуу, адилеттүү падышанын бийлигине байланыштуу. Бул ой Платондун “Мамлекетиндеги” коомдо таандалган ак сөөк акылмандар гана башкара алат деген идеясы менен үндөшүп турат. Мындай конструктивдүү концепциясы Ж.Баласагындын дүйнө түшүнүүсүнүн таза реалисттик багытта калыптангандыгынан кабар берет.

**Теманын актуалдуулугу:**

ХХ-ХХI к.к орчундуу проблемаларынын бири бул мамлекеттик башкаруу системасы. Мамлекет башчынын сапаттары эске алынбай калган учурлар өтө эле

---

[5] Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон:Т.Козубеков,М1993, 893-бейт,115-бет;

көп. Дүйнө жүзүндө адилеттүүлүктөн такыр дайын жоктой эле көрүнүштөр болуп жатат. Башында жалпы журт бул көйгөйгө маани беришкен эмес. Себеби, дүйнөдөгү кабарлардан, керек болсо ар бир эл өз мамлекетиндеги көйгөйлөрдөн аң-сезимдүү түрдө алыстатылган. Ушундай кырдаалдардан улам жашап жатканына сүйүнүп өмүр сүрүп келишкен. Азыркы тапта "адилеттүүлүк" маселеси эң актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Деги эле ар бир адам жеке жашоосунда, өз жүрөгүндө адилеттүүлүктү орноткусу келген бир сезим жашайт. Мындай сезимдерди иш жүзүнө ашыруу үчүн адилеттүүлүк түшүнүгүн маани-маңызын, терең карап, ар тараптан изилдеп жана ошондой эле "Кут алчу билим" сыяктуу эмгектерге кайрылуубуз керек.

**Изилдөөнүн максаты**:

Жогоруда айтып өткөндөй Ж.Баласагындын бул эмгеги өтө таасирдүү. Дал ушул себептен улуу ойчул, философ адамдын эмгегинин негизине таянып жазуумдун себеби: биринчиден конкреттүү түрдө, терең адилеттүүлүк маселесине кайрылып, аны маани-маңызын ачып, түшүндүрүп, талкуулаган башка кыргыз акылман ойчулдарын көрө албайбыз, экинчиден Ж.Баласагын адилеттүүлүктү терең ачып берүү менен анын негизги маани-маңызын жеткиликтүү түрдө чагылдырып өткөн. Кыргыз философиясы жана Жусуп Баласагындын адилеттүүлүк тууралуу маселесин философиялык-онтологиялык жактан иликтеп талдоого алуу. Дастанда өзөктүү түшүнүк болгон адилеттүүлүктү бир гана саясий, социалдык жана укуктук категория катары эле эмес, анын ири алдыда фундаменталдык түшүнүк экендиги, жана анын философиялык, өзгөчө онтологиялык жактан изилдене турган маселе экендигин баса белгилөө. Ошондой эле чыгармадагы адилеттүүлүктүн Күнтуудунун образы аркылуу кандай терең маселени козгогондугун аныктоо аркылуу адилеттүүлүктүн маңызын ачуу – башкы максат.

**Изилдөөнүн обьектиси жана предмети:**

Бул изилдөөнүн обьектиси болуп азыркы коомдун негизги талаптарынын бири болгон "Адилеттүүлүк" маселеси болуп саналат. Ал эми изилдөонүн предмети

катары ушул маселенин түрк-ислам маданиятында каралышы, диний ишенимдерде адилеттүүлүктүн түшүндүрмөсү жана ошондой эле “Кут билим” чыгармасындагы адилеттүүлүктүн чечмелениши, байыркы доордон азыркы доорго чейин адилеттүүлүк боюнча философтордун чечмелөөсү да талкууга алынат.

**Теманын изилденген деңгээли:**

Кыргыз философиясында адилеттүүлүк маселеси ошондой эле Жусуп Баласагындын “Кут билим” чыгармасындагы адилеттүүлүк маселеси тууралуу кыргыз илимпоздорунун атайын изилдөөлөрү жокко эсе. Бирок, башка маселелер менен катар фрагменталдуу түрдөө айтып кеткендерди да айтпай коюуга болбойт. Негизи эле “Кут билимди изилдеген көрүнүктүү кыргыз окумуштуулар катары К. Артыкбаевди, З. Эралиевди, Н. Токтомаматов жана Ж. Джаманкуловду, К. Кулалиева, Ө. Карапаевди ж.б.; ал эми Түркиялык изилдөөчүлөрдүн ичинен абдан маштабдуу изилдөө жүргүзгөн жана чоң салым кошкондор арасында Р. Р. Арат, А. Дилачар жана башкалар белгилүү. Түркияда негизинен Зеки Каймаздын изилдөөсү көрсөткөндөй, Жусуп Баласагын жана “Кут билим” тууралуу 155 ар кыл перспективадан изилдөө жүргүзүлгөн болсо, алардын ичинен 35ке жакыны саясий, укуктук изилдөөлөр болуп, ал эми алардын ичинен адилеттүүлүк маселелсин козгогондордун катарына Өзлем Багдатлы (“Кут билимде” мамлекет менен адилеттүүлүктүн байланышы), Мухсин Калкышым (“Кут билимде адилеттик баасы”) айта алабыз. Жусуп баласагындын поэмасындагы адилеттүүлүк маселелси боюнча Россияда да айрым макалалар жарык көргөн. Атап айтканда, Г. Р. Маликов “орто кылымдагы түрк элдеринин өкүлү Ж. Баласагындын жеке инсанга (личность) мүнөздүү болгон адилеттүүлүк тууралуу көз караштардын өнүгүшү” аттуу социалдык-педогогикалык чакан изилдөө иши жүргүзүлгөн.

**Иштин жаңычылдыгы:** Жогоруда айтып өткөндөй, аталган эмгектерде адилеттүүлүк темасында изилдөөлөр жүргүзүлсө да, алардын дээрлик баардыгы адилеттүүлүктүү саясий термин катары чечмелеп, чыгарманы да саясий трактат,

саясатнаама деп аныктап келишкен болсо, бул илимий иште адилеттүүлүк түшүнүгү эң негизги философиялык, анын ичинде, өзгөчө онтологиялык жактан анализ жасалды.

**Колдонулган метод:** Бул дессертациялык иште максатка жана изилдөөгө ылайык, теориялык тактап айтканда анализ жана салыштыруу методдору колдонулган.

# I БӨЛҮМ

# “АДИЛЕТТҮҮЛҮК” ФИЛОСОФИЯЛЫК МАСЕЛЕ КАТАРЫНДА

Адилеттүүлүк этиканын гана категориясы болбостон, ошондой эле философиянын, укуктун, экономиканын жана саясаттын категориясы болуп эсептелинет. Бекеринен антикалык философиянын улуу философтору Платон жана Аристотель бул категорияны жалпы коомдун абалын түшүндүрүүдө негизги категория катары колдонушкан эмес. Адилеттүлүк бир эле учурда адамдардын бир-бирине болгон карым-катышын, мамилесин аныктаса, ошол эле учурда биргеликте иштелип чыккан материалдык жана руханий жакшылыктарды бөлүштүрүүдө мааниси чоң. Адилеттүүлүк бул жалпы жакшылык менен чогуу аракеттенген системалык касиет. Ошол себептен бул түшүнүктү философиянын категорияларына кошуп, философиялык маселе катарында кароо талапка ылайык.

## 1.1. Адилеттүүлүк боюнча жалпы түшүнүк

Адилеттүүлүк, акыйкат – деген эмне? Анын маңызы, мазмуну кандай? Ал адам турмушунда, деги эле ааламда кандай мааниге ээ? Адилеттүүлүк болбосо кандай болмок? Мындай маселени бир гана философия коюп, булардын маани-манызын, мазмунун изилдейт. Албетте, бул түшүнүктөр коомдук турмушта кеңири колдонулуп келет. Динде, саясатта, адабиятта жана күнүнүмдүк тиричиликте колдонулганы менен абстракттуу категориялардан болгондуктан ар дайым эле сөздүн теги, мааниси талдана бербейт. Мындай жоопкерчиликти философия өз мойнуна жүктөйт. Себеби, терминдерди жиктеп, талдап, салыштыруу, анын көрүнбөгөн жактарын, маңызын ачуу, аныктама берүү - философиянын милдети. Философия гана, өзгөчө философия илиминин негизги багыты болгон онтология ар кандай түшүнүк терминдердин маңызын ачып, түпкү

маани-мазмунун табууга аракет кылат. Демейки түшүнүктөрдөн тартып, мезгил менен мейкиндиктин чегинен сырткары турган эркиндик, акыйкат, сулуулук, эрк сыяктуу абстракттуу категорияларды онтологиялык электен өткөрүп, анын объективдүү маңыз катары кандай касиеттерге ээ, кулулуш катары кандай өзгөрө тургандыгын изилдейт.

Биз айтып жаткан адилеттүүлүк түшүнүгү да мына ошондой мейкин менен мезгилдин рамкасынан сырткары турган өзгөчө бир болум. Ал объективдүү маңыз катары ар дайым бар жана түбөлүктүү. Ал акыйкатка дал келген чындык. Эч ким анын маңызын эч качан  түп тамырынан жок кыла албай турган фундаменталдуу категория. Аалам түзүлүшүнүн башатында орун алган жана анын бар болуусунда ар дайым шайкештикти  камсыз кылуучу улуу мыйзам. Макрокосмос менен микрокомостун байланышынын чен-өлчөмү, б.а. адамзаттын социум менен да, табият менен болгон карым-катышында да калыстыкты, теңдикти, аяр мамилени көңүл коюу менен туура мамиле кылуунун зарылдыгын билдирген түпкүлүктүү түшүнүк.

Ошондой эле адилеттүүлүк-моралдык аң-сезимдин гана категориясы болбостон, ошондой эле укуктун, экономиканын жана саясаттын категориясы болуп саналат. Бекеринен  Антикалык философиянын улуу философтору Плотон жана Аристотель бул категорияны жалпы коомдун абалын түшүндүрүүдө негизги категория катары колдонушкан эмес. Саясий адилеттүүлүк маселесине келгенде кабыл алынып жаткан мыйзамдар адилеттүүбү же адилетсизби деген маселелер менен кошо алардын  нравалык баалуулуктары да каралат. Башкача айтканда коом учурда жүрүп жаткан саясат менен  жашоого макулбу же жокпу, болуп жаткан иш-чаралар адилеттүү болуп эл ага макулбу же адилетсиз жана адамгерчиликке жооп бербеген, адамдын намысына тийген деп эсептеп четке кагабы деген маселелер козголот.

Адилеттүүлүк түшүнүгү адамдардын бир-бири менен болгон мамилесин гана чагылдырбастан, кандайдыр бир бүтүндүккө болгон мамиле катары да каралат. Адилеттүүлүк – бул жалпы жакшылык менен чогуу аракеттенген системалык

касиет. Адилеттүүлүк нравалык аң-сезимдин негизги түшүнүктөрүнүн бири жана ошону менен катар теориялык этиканын маанилүү категориясына кирет. Адилеттүүлүк бир эле учурда адамдардын карым-катышын аныктаса, ошол эле учурда биргеликте иштелип чыккан материялдык жана руханий жакшылыктарды бөлүштүрүдө мааниси чоң. Бул маселе адилеттүүлүктү ким кандай түшүнөөрү менен байланыштуу.

Жогоруда да сөз кылгандай, адилеттүүлүк өз маңызы боюнча акыйкаттык менен тектеш б.а. болум катары каралды. Бирок социалдык турмушта ар дайым эле анын өз маңызы сактала бербейт. Ал тарыхый процессте улам жаны шарттарга, кырдаалдарга жараша жаңы сапаттарга ээ болгон өзгөрмөлүү кубулушка айланат. Бирок, муну менен адилеттүүлүк ички маңызын түп тамырынан жоготуп, көңдөй куру калат дегендикке жатпайт. Бул – бир гана активдүү башталыш болгон субъективдүү факторлордун натыйжасынан улам экендигин эске алуу кажет. Адам коомдук социалдык, саясий, укуктук жана диний тармактарында жалпынын жыргалчылыгынын ордуна жеке кызыкчылыгын көздөп коюшу мүмкүн. Мына ошондон улам коомдогу адилетсиздик, калыссыздык пайда болот. Бул бир жагынан абсолюттук системага, мыйзамга да каршы келет. Бул көрүнүштү – адилеттүүлүктүн таза маңызынын анын кубулушу менен дал келбестиги катары бааласак болот.

Демек, ушундан улам адилеттүүлүктүн коомдук процесстеги мүнөзүнө келе турган болсок, ал алгач укуктук жана укуктан сырткары болуп экиге бөлүнөт. Укуктан сырткары адилеттүүлүк камтыган маанисине карай үч түрдүү талкууланат: укуктук адилеттүүлүк, диний адилеттүүлүк, нравалык адилеттүүлүк.

Укуктук адилетүүлүк – белгиленген укук системасына ылайык мамлекет тарабынан түзүлгөн адилеттүүлүк. Укукка негизделген адилеттүүлүктү ар бир коом өзүнө ылайыктап өзү түзөт. Адилеттүүлүк – адамдардын адилетти издөөсү, аны турмушка ашыруу каалоолорунун натыйжасында келип чыккан. Коомдук тартипти жөнгө салган жагынан ал укуктук мааниге касиетке ээ. Мамлекет коомго

саясий күчүн укуктун жардамы аркасында көрсөтөт. Укуктун эрежелерине ылайык келүү - укуктук адилеттүүлүккө алып келет.

Диний адилеттүүлүк - диндин алкагында кудай адилеттиги. Динге негизделген адилеттүүлүк аркы дүйнөдө Кудай адамдардын кылган иштеринен, жүрүм-турумдарынан улам суракка ала тургандыгы ишенимине таянат. Адам баласынын бул жашоодогу белгилүү мезгил аралыгындагы өмүрү ага сыноо үчүн берилип, жогорудагы айтылып өткөн сурак күнүндө, жарык дүйнөдө кылган ар бир амалы таразаланат, ага ылайык бардыгы адилеттүү түрдө чечилет. Кудайдын адилеттүүлүгү түбөлүктүү. Диндер менен кошо бул түшүнүк да ар дайым бирге каралат б.а. диндер жок болуп кетмейинче Кудайдын адилеттиги дайыма бар. Бул жагынан кудайдын адилеттиги башка адилеттүүлүктөрдөн кескин айырмаланат жана шарттарына сөзсүз түрдө баш ийүүгө тийиш.[6]

Нравалык адилеттүүлүк – этикалык принциптерге ылайык адамдар ортосунда өз ара мамилелеринде пайда болгон адилеттүүлүк. Социалдык турмушта жардамга муктаж адамдын расасы, ишеними, коомдогу статусуна карабастан жардамга муктаж болгондугу үчүн көмөк көрсөтүлөт. Бул адилеттүүлүк формасы эң бийик жакшылыктарга, изгиликке барабар. Укуктук адилеттүүлүктө адамдардан белгилүү талаптардын аткарылуусу шарт болсо, адилеттүүлүктүн этикалык-нравалык баскычы адамдардын жакшылыкты эң жогорку деңгээлде жасашына шарт түзөт. Коомдук маселелердеги чечимдер ошол коомдогу байкоолор менен ой-пикирлердин натыйжасындагы баалуулук түшүнүктөрүнөн улам келип чыгат.[7]

Жогоруда “адилеттүүлүк” түшүнүгүнүн коомдук процесстеги мүнөзүн белгилеп кеттик. Ал эми “адилеттүүлүк” түшүнүгүн негизинен эки маанисин көрө алабыз, бирок күнүмдүк турмушта экөөнүн жолу кайчылашып, жаңылыштыктарга алып келет. Саясат жана укук, көбүн эсе эл аралык укуктук мамилелер жөнүндө сөз кылганда адилеттүүлүктүн эки маанисин айырмалап кароо өтө маанилүү. Биринчиден, “процесстик” адилеттүүлүктүктү бөлүп кароо

---

[6]Çeçen Anıl. Adalet kavramı. Ankara, 1993. 30-б.
[7] Özlem Bağdatlı. Kutadgu Bılıgde Devlet Ve Adalet Ilişkisi. Istanbul, 2007: 13-б.

керек. Бул маанисинде адилеттүүлүк мыйзамды жеткирүүдө туура функцияналдаштырылган механизмдин жыйынтыгы жана чечими катары көрсөтүлөт. Статустук өзгөчөлүгү бар же катардагы укукка кирген мыйзамдардын кандайдыр бир тигил же бул конкреттүү жагдайга карата колдонулушунун максаты адилетттүүлүккө жетүү болуп саналат. Колундагы кылыч же таразасы бар жана ошондой эле көзү таңылган фигура адилеттүүлүк жөнүндөгү дал ушул түшүнүктү чагылдырып турат. Мындай интерпретациядан караганда адилеттүүлүк - логикалык болуу менен, жалпыга бирдей болгон нормалардын системасы - мыйзамда катталган критерийлерге жараша кандайдыр бир аракеттерге механикалык баа берүү болуп саналат.

Экинчи маанисинен алып караганда адилеттүүлүк – мыйзамда кабыл алынган критерийлерден жогору бааланган кээ бир бирдиктерге же критерийлерге карата апелляция. “Адилеттүүлүктүн укугу” дегенде дал ушул маселе боюнча сөз болот. “Адилеттүүлүк жашасын!” – деген жогорку түшүнүк, мыйзамдын негизинде иш алып барган соттук процесс адилетсиз чечим чыгарышкан болсо, ал ишти моралдык соттор карап, адилеттүү чечим чыгарышы керек деген өңүттө айтылып келет. Адилеттүү чечим чыгарууда мындай кошумча түшүнүктүн керек болгондугунун негизинде учурда демократиялык мамлекеттер дагы аткаруу органдарына жазаны жеңилдетүү укугун беришкен.

Адамзат жамаат болуп жашоо кечирип баштагандан байыркы доорлордон тартып эле адилеттүүлүккө болгон муктаждыкты сезе башташкан. Ошол себептен коомдук мамилелерди жөнгө салган примитивдүү эрежелер, нормалар калыптана баштаган. Коомдук аң-сезим өнүккөн сайын жана социалдык структуранын убакыттын өтүшү менен татаалданышынын натыйжасында коомдо тең салмактуулукту, тең укуктуулукту, адилеттүүлүктү камсыз кылуу муктаждыгы күчөп отуруп, бүгүнкү официалдуу, формалык мыйзамдарды кабыл алууга чейин жетти.

Нечендеген доорлор бою философтор жана окумуштуулар адилеттүүлүк маселесине кайрылып келишкен. Ошону менен катар, бул категория ар бир

тарыхый этапта адамдардын жашоо шарттары жана алардын курчап турган дүйнө тууралуу элестери, ошондой эле бар болгон, жашап турган коомдун түзүлүшү жана ал коомдогу адамдын орду тууралуу маанини камтыгандыктан, адилеттүүлүк тууралуу ой жүгүрткөн ойчулдар негизинен коомдук, укуктук негиздер аркылуу аныкташкан.

Аталган түшүнүктү философиялык талдоого алууда, философиянын бай тарыхына кайрылып, байыркы доордо кандай түшүнүшкөн, орто кылымда кандай маани-мазмунга ээ болуп, кандай кызмат кылган, ошону менен биргеликте бүгүнкү күндөгү глоболизация процессинин натыйжасында кандай маңыз күттү, деги эле адамзаттын тарыхый тажрыйбасына кайрылып, айрым ойчулдардын, белгилүү философтордун бул тууралуу көз караштарына токтолуу талапка ылайык.

## 1.2. Адилетүүлүктүн филоофия тарыхында каралышы

Көпчүлүк илимдердин башаты башталган, дүйнөгө атагы белгилүү философтор чыккан антикалык Грецияда адилеттүүлүк түшүнүгү эң алгач мифологиялык формада Гомердин (болжол менен б.з.ч VIII кылымдарда жашап өткөн) “Одиссея” - аттуу чыгармасында кездешет. Ага ылайык, адилеттүүлүктүн символу Фемида кудайы аркылуу сүрөттөлөт: Көздөрү таңылган, сол колуна тараза, оң колуна кылыч кармаган кудай айым дүйнө түзүлүштү, теисттик жана коомдук болумда адилеттүү чечим чыгаруучу катары эсептелинет. Анын көзүнүн таңылышы – бейтараптуулукту билдирет; тараза – адилеттүүлүктүн жана ченемдин байыркы символу. Адилеттүүлүктүн таразасына жакшылык жана жамандык, күнөө жана жек көрүү тартылат. Бул тараза иш-аракеттердин так ченемин аныктап бере алат. Ал эми кылыч – жазанын, руханий күчтүн символу,

чындык үчүн күрөштө жеңишке жетүүнүн сыйкырдуу куралы. Фемиданын оң колундагы күрч миздүү кылыч – жазаны символдоп турат.

Жогоруда белгилегендей, бүткүл ааламдын адилеттүүлүккө негизделген Жогорку мыйзам аркылуу түзүлгөндүгү жана жашап жаткан тууралуу түшүнүк Байыркы Индия философиясында да орун алган. Байыркы Индия философиясында "Рита" жөнүндөгү окуу деген багыт болгон. Ал нерселердин ирээттүүлүгү жана бардык жандыктардын ордун аныктаган дүйнөлүк адилеттүүлүк мыйзамы болгон.

Ал эми Байыркы Кытай философиясында болсо дүйнөлүк мыйзамды жана адилеттүүлүктү Кытай ойчулу Лао Цзы (б.з.ч. VI кк.) "Дао" (сөзмө-сөз "жол") деп атап, аны табияттын, адам коомунун жана жеке индивидтин жүрүм-туруму жана ойлонуусунун көрүнбөгөн универсалдуу жана табигый мыйзамы катары карайт. Ага ылайык аалам өз адынча кыймылда эмес, Дао мыйзамына баш ийет.[8] Башкача айтканда Дао – нерселердин табигый агуу ирээти.

Ошондой эле Байыркы Кытайдын көрүнүктүү ойчулу Конфуций (б.з.ч. 551-479) элдин бакубат жашоосун камсыз кылууну көздөгөн жана ал үчүн башкы негиздер катары акыл менен адилеттүүлүккө маани берип, коомдогу туруктуулук менен адилеттүүлүктү каада-салт аркылуу башкаруунун жолун сунуш кылат. Анын философиясынын негизинде да Дао тууралуу идеа кездешет. Бирок өзүнүн мурунку коло жазууларында жана андан кийинки жазууларында "жол, башкаруу, таасир көрсөтүү жана түшүнүү" маанилеринде түшүндүрүлүп келсе, анын "Лунь-юй" деп аталган негизги эмгегинде бул маанилерди камтуу менен бирге, Дао – мамлекет менен адамдардын жүрүшү керек болгон жол, ошондой эле ал өз ичине жакшылыкты, адилеттүүлүктү, этикеттерге карата ийкемдүүлүктү жана сыйды да камтыйт. Билимдүү адам эң алгач адилеттүүлүккө маани бере тургандыгын айткан Конфуций: "Бир мамлекетте адилеттүүлүктүн бар экендигин жеке адамдын өзүн эркин көрсөткөндүгүндө, ал эми адилетсиздиктин бар экендиги

---

[8] В.Н.Лавренинко, В.П.Ратников. Философия:учебник для вузов. Москва, -2002

буйрукка негизделген мамилелеринен улам байкоого болот”- деп жеке адамдан эле мамлекеттин укуктук абалын аңдоого болоорун белгилеген.[9]

Плотондун “Мамлекет” - деген чыгармасында адилеттүүлүк алтындан да жогору бааланса, ал эми адилетсиздик адамдын рухунда болгон эң чоң жамандык катары каралат жана ошол эле учурда адилеттүүлүк – эң жогорку жакшылык болуп саналган. Адилетсиздиктен алыс болгон адамдар гана Кудайга жагат”- деген Демокрит.

Адилеттүүлүк тууралуу баалуу идеялар жогору айтып өткөндөй байыркы Афина полис-мамлекетинин чыгаан даанышмандары Платон менен Аристотелдин философиялык концепцияларында кездешет. Платондун (б.з.ч 428-б.з.ч 347) пикири боюнча, адилеттүүлүк эң жогорку жакшылык (благо) болуп эсептелинет. Ар бир адамдын жана ар бир нерсенин орду жана функциясы бар деген космостун түзүлүү принцибине ылайык келген жалпылык дүйнөлүк Мыйзам. Аны Платон табият менен адам коомунун карым-катышына аналогиялайт. Ал табият менен карым-катнашта болгондой эле, адам коомунда да алдын ала белгиленген иретүү түзүлүштөн жана гармониядан үлгү алуу – адилеттүү жана акылга сыярлык (логикалуу) деп белгилейт. [10] Бирок адилетүүлүк Платондун теориясынын өнүгүшүндө саясий-укуктук жактан карала баштайт.

Платондун мезгилинен баштап укуктун жана юриспруденциянын өнүгүү процесси үчүн жогоруда айтып өткөн адилеттүүлүктүн эки маанисинин бири-бири менен жуурулушу мүнөздүү болгон. “Адилеттүүлүктүн” эки мааниси адилеттүүлүлүктү өз чегинен ашыра, б.а. башка мааниде колдонгон учурларда келип чыккан. Социалдык жана саясий мамилелерде адилеттүүлүк деп эмнени эсептесек болот деген маселе, элдер алардын үстүнөн үстөмдүк кылган эрежелерге баш ийүүдөн баш тартканда гана келип чыгат.

Платон “Адилеттүүлүктү” жакшылыктын принциптеринин негизинде куралган, мамлекеттеги жогорку изгилик катары аныктайт. Адилеттүүлүк

---

[9] В.Н.Лавренинко, В.П.Ратников. Философия:учебник для вузов. Москва, -2002, 97-б.

[10] Иванова Е.И. Философский аспект понятия “справедливость” в трудах ученых Античности, эпохи Возрождения и Нового времени. Мурманск, Россия

түшүнүгү анын Батыш маданиятына чоң таасирин тийгизген “Мамлекет” – аттуу диалогунда өтө терең карап, мамлекет диалогунда адилеттүүлүктүн экинчи мааниси б.а. моралдык тармагы талкууланган. Платон “Моралдык адилеттүүлүккө” көп көңүл бурган. Анын көз карашы боюнча адилеттүү коом - бул ар бир адам өзүнүн табияттан берилген мүмкүнчүлүктөрүн толугу менен иш жүзүндө колдоно алган коом болуп саналат. Башкаруучу же философ, табиятынан адилеттүүлүктүктү түшүнүү жана ага кантип жетүү керектигин билет. Анын негизги кызматы адилеттүүлүктүн принциптеринин негизинде мамлекеттеги функцияларды бөлүштүрүү, анын жардамы менен табиятынан коомдо өзүнүн ордун таап берүү.

Ал өзүнүн аталган эмгегинде адилеттүүлүктү изилдөөгө көп көңүл бөлүп, андагы бул түшүнүктүн кандайча өзүн көрсөтө тургандыгы тууралуу маселеге токтолот. Ал ушул эле чыгармасындагы өзү түзгөн утопиялык мүнөздөгү мамлекеттик түзүлүштүн идеалдуу болгондугуна ишенет. Бул идеалдуу мамлекеттин эң маанилүү өзгөчөлүктөрү: акылмандык, баатырдык, чен-өлчөм жана адилеттүүлүк. Ал эми мамлекеттеги адилеттүүлүк – эмгекти бөлүштүрүүнүн негизинде пайда болгон спецификалык функциялардын натыйжасында ишке ашат.[11] Туура жашоо – мамлекетте болгондой эле, жеке адамдардын ар биринин алдын ала белгиленген өз милдетин так аткаруудан улам болот: айрымдары илим менен алектенишип, мамлекет башкарат. Буларды Платон акылман-философтор деп атайт. Экинчилери – ар намысты бекем тутуп, мамлекетти коргошот. Ал эми үчүнчүлөр – мамлекеттеги материалдык муктаждыктарды камсыз кылуу менен бирге башкаруучуларга моюн сунуп, баш ийишет. Мына ушул мамлекеттин үч маңыздуу түзүүчүлөрүнүн бардык нерсеге кийлигишпей, өз ишине, өз милднтине берилүүсүнүн аркасында гана мамлекетте адилеттүүлүк пайда болот. Ойчул мындай төгөрөгү төп келген” идеалдуу жана адилеттүү деп эсептеген мамлекет менен катар ач көз жана адилетсиз мамлекеттик түзүлүштөр жөнүндө да сөз кылат. Ага ылайык адилетсиз мамлекеттик түзүлүштүн төрт түрү бар: Тимократия

[11] Topakkaya Arslan. Adalet bağlamında Aristoteles-Platon karşılaştırması. SDÜ Felsefe Bilim Dergisi,№6.2008

(Аскердик катмардын бийлиги); Олигархия (байлардын бийлиги); Демократия (эл массанын бийлиги); Тирания (Тирандын бийлиги).

Адилеттүүлүктүн маңызын түшүнүүдө Платондун шакирти, систематик философ Аристотелдин (б.з.ч 384-322) философиялык-этикалык жана саясий концепциясына да токтолуубуз зарыл. Аристотель үчүн адилеттүүлүккө мүнөздүү болгон борбордук түшүнүк катары рационалдуу бирдейлик" –акылдын тең салмактуулугунун принциби катары каралат.

Аристотель биринчи жолу адилеттүүлүктү бар болуу түрүнө карата эки формага ажыратат: жакшылыкка ээ болууда теңчилик принцибинин негизинде жаткан *теңдөөчү адилеттүүлүк* жана өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө карата айрымдары көп, айрымдары аз калган принциптерге ылайык келген *бөлүштүрүүчү адилеттүүлүк.* Ал адилеттүүлүктү адилетсиздик түшүнүгү менен бирге салыштырып аныктама берүүнү туура деп эсептейт. Анын пикири боюнча, мыйзамдарга ылайык жашабай, аны өзүнүн пайдасы үчүн колдонуу жана ушундан улам теңсиздикти жаратуу – бул адилетсиздик болсо, мыйзамга ылайык жашоо жана теңдикти сактоо – адилеттүүлүк катары саналат. Аристотелдинь адилеттик түшүнүгү эки башка көз карашка ээ: бири сандык жактан жеке теңдик, экинчиси – коомдук жана укуктук теңдик.

Ошентип, ал адилеттүүлүктүн жалпы жана жеке түрүн айырмалаган. Жалпы адилеттүүлүк – деп, Аристотелдин философиясында, мыйзамга полис жашоосунун эреже, нормаларын өздөштүрүп жашоону түшүнгөн, аны адамдар ортосундагы бардык социалдык ирээттелеген карым-катыштардын жалпы нравалык белгиси катары аныктоого болот. Адилеттүүлүк – коомдук иш-аракеттердеги жана формадагы мыйзамдуулукту камсыз кылат. Ал социалдык сферадагы түзүлүшү боюнча адеп-ахлактуулукка дал келип, коомдогу жана мамлекеттеги биргелешкен, социалдык тартипке салынган жашоонун мааниси жана максаты тууралуу суроого жооп берет.[12] Демек, Аристотель Платондон адилеттүүлүктүн эң жогорку жакшылык экендигине байланыштуу көз

[12] Новая философская энциклопедия//Пред.научно-ред.совета В.С.Степин.-М.:Мысль,2000-2001

караштарын алганы менен бул концепцияны жалпы (саясий) мыйзамдык тууралуу категориясына айландырат.[13]

Христианчылыкта ишенген адамдарга Кудайды түшүндүрүүдө ал бир гана баардык нерсени кыла алуучу эле болбостон адилеттүү дагы деп түшүндүрүшөт. Анын адилеттүүлүгү – эң жогорку күч жана ар ким өзүнүн жасаган ишине жараша жазасын же жакшылыгын берет.

Адилеттүүлүккө өзгөчө көңүл бөлгөн христианчылыктын алгачкы идеологдордун арасында Фома Аквинский (1225-1274) бар. Ал Аристотелдин адилеттүүлүк тууралуу окуусунун дээрлик баардыгын диндин негизине салып иштеп чыккан. Ф.Аквинский адилеттүүлүктү кудайдын акылмандыгынын адам акылындагы чагылышы болуп эсептелген табият менен шайкеш, ынтымакта болуу деп белгилейт. Ошону менен бирге адилеттүүлүктү адамдардын карым-катнашынын негизинде жаткан башат жана эң бийик жакшылык катары карайт. "Кудайдын орноткон тартиби" – деп, массаны диний жактан кулдаштыруунун каражаты жана социалдык басмырлоонун идеологиялык актануусуна айлангандыгынан улам ал адилеттүүлүктүн жердеги, светтик мүнөзүн четке каккан.[14]

Кайра жаралуу жана Жаңы доордун философторунун эмгектеринде адилеттүүлүктүн укук, саясат, этика менен байланышкан маселелердин алкагында өнүгөт. Ф. Бэкон (1561-1626) буржуазиялык мамлекетин шартында адилеттүүлүк идеасынын этатизацияланышына каршы чыгат. Анын аркасынан Т.Гоббс (1588-1679) да адилеттүүлүктүн өзүн табигый мыйзам катары көрсөтө тургандыгын белгилет, ал эми мамлекет жана бийлик "жөн гана адилеттүүлүктүн уландысы" болуп саналат. Ф.Бэкондун көз карашы боюнча, адилеттүүлүк – өзүңө каалабаганды бирөөгө жасабоо б.а. ак ниет жана сабырдуу болуу. Ошондой эле, адилеттүүлүк элдерди бириктирүүгө жана укуктук мамилелерди негиздөөгө кызмат кылат. Т.Гоббс өзүнүн "Коомдук келишим" деп аталган концепциясында адилеттүү укуктук жазалоо талаптары катары билине тургандыгын айтат.

[13]
[14] "Вклад св. Фомы Аквинского в Социалное учение Католической Церкви".

Шотландиялык философ Д.Юм (1711-1776) болсо адилеттүүлүктү “жасалма жакшылык”(“искуственное благо”) деп айтат. Анын оюу боюнча, биз адамдар табиятыбыздан, макул келишимде болсун, адилеттүүлүктүн чыныгы өзүн ала турган эрежени таба албайбыз.

Ал эми белгилүү француз философу Ж.Ж.Руссонун (1712-1778) көз карашы да адилеттүүлүктүн коомдогу ролу тууралуу болуп, адамдар табиятынан өз пайдасын көздөгөн өзүмчүл, ошондуктан адамзаттын социалдык турмушунда адилеттүүлүктү, теңдикти жана укукту ишке ашыруу үчүн коомдук келишимдин зарылдыгына баса белгилейт.Мындай келишимде ар бир атуул коопсуздугу жана жогоруда аталган зарыл шарттардын камсыз болушу үчүн өз эркиндигинен бир бөлүгүн ыктыярдуу түрдө мамлекетке тапшырат.[15]

Немец классикалык философиясынын үлгүлүү, залкар философу И.Канттын (1724-1804) эмгектеринде да адилеттүүлүк маселеси көрсөтүлөт. Кант эң биринчилерден болуп моралдык жана укуктук адилеттүулүктү айырмалаган. Кант укуктук адилеттүүлүк коомго мажбурлоо жолу менен болсо дагы орнотулушу керек деген принципти карманган. Укуктук адилеттүүлүк орносо анын аркасы менен моралдык адилеттүүлүк да орнойт дейт. Ошондой эле, адилеттүүлүктү адамзат жашоосундагы бирденбир баалуулук катары караган Кант: “Дүйнөдө адилеттүүлүк жоголсо, адам жашоосун баалай турган эч нерсе калбайт”- деп белгилейт.

Адилеттүүлүктү мамлекеттик мыйзам чыгаруудагы укуктук феномен катары караган чыгаан немец идеалисттик философу Ф.И.Гегелдин (1770-1831) көз карашында адилеттүүлүк граждандык коомдо өзгөчө маанилүү болуп, “мамлекетти гүлдөгө алып келген” жакшы мыйзамдардын түзүлүшүнө себеп боло тургандыгын ырастайт. Ошондой эле ал “адилеттүүлүк үчүн адилет иш кылууга далаттануусу” аркылуу укук жана укуктук милдеттерди бириктирүүгө тийиш, өз кезегинде бул “башкаларды өзүнө тең кароону талап кылат” жана өзүнүн акыркы

[15] Жан Жак Руссо. Об общественном договоре| пер. с фран. А.Д.Хаютина.-М.: “Канон-прес”,”Кучково поле”,1998

максаты жана натыйжасы катары өз ичине теңдик менен эркиндикти камтыган “бар болгон адилеттүүлүк” конституцияда чыгылдырылышы керек.

А.Шопенгауэр (1788-1860) болсо адилеттүүлүк менен укуктун ажырагыс биримдигине басым жасап, алардын чыныгы адамдык мамилелерди аныктоодо бири-бирине дал келгендигин көрсөтүү менен ага карама-каршы келген “Адилетсиздикти”- башкаларды эзүү, алардын укуктары менен намысын, өздүк касиеттерин кысымга алуу деп белгилейт. Демек, “адилеттүулүк ар бир адамга карата мамиледе тууралыкты талап кылат”, “ар кандай жалган”- эреже катары адилетсиздик эсептелет.

Ал эми утилитардык көз караштагы философтор адилеттүүлүктү адамдардын биригүүсүнөн келип чыккандыгы тууралуу пикирди жакташат. “Адилеттүүлүк түшүнүгү эки нерсени өзүнө камтыйт: мамиле түзүүнүн эрежеси катары жана бул эрежени тастыктай турган сезим катары” (Ж.С.Милль).

Жогоруда тээ  байыркы замандан берки философтордун адилеттүлүк тууралуу баалуу ой-пикирлерине үстүртөн көз чаптырдык. Ар биринин айткан учкул ойлорунан, тажрыйбадан алган кыраакы ой-бүтүмдөрүнөн улам адамзат тарыхындагы адилеттиктин коомдо ойногон ролунун өзгөчө экендигине күбө болдук. Адилеттүүлүк ар дайым коомдо эңсеген өтө зарыл негиз болуп эсептелинет.

## 1.3. Адилеттүүлүк маселесин философиялык аспекттен кароо

Адилеттүүлүк маселеси бир жагынан алганда ар түрдүү контексттерди кеңири колдонулуучу категорияларга кирсе, бир жагынан жеткиликтүү изилдене элек. Адилеттүүлүк эркиндик менен теңдик категориялары менен катар көпчүлүк учурда  этикалык жана укук философиясынын категориясы катары каралат.

Баарына белгилүү болгондой адилеттүүлүк жөнүндөгү классикалык окуу Платон, Аристотель сыяктуу белгилүү философтордун аттары менен байланыштуу. Аристотель жалпы жана эки формадан турган жеке адилеттүүлүк жөнүндө сөз кылат. Жеке адилеттүүлүктүн эки формасы:

1.Бөлүштүрүүчү;

2.Толуктоочу (компенсаторный).

Адилеттүүлүк философиялык контекстте изилдене турган маселелердин катарын толуктайт. Платон өзүнүн "Мамлекет" аттуу диалогунда адилеттүүлүк маселесин өнүктүрүү менен катар, философиянын негизги суроолору болгон болум, таанып-билүү, адам жана коом маселелеринин системадагы бири-бири менен болгон байланышын караган. Адилеттүүлүк жашоонун принциби, иш-аракеттердин характеристикасы жана мазмуну, мамлекеттин иш алып баруусуна баа берүүчү жана коомдун өзгөчөлүгү катары аныкталышы мүмкүн.

Заманбап философиясында адилеттүүлүктү изилдөөнүн кандай түрлөрү бар? А. Бадью тарабынан сунушталган вариантын карап өтөлү.

А. Бадью адилеттүүлүк маселесине философиялык кризисти жанан анын тагдырын анализдөө контекстине кайрылып, адилеттүүлүктү саясий чындык катары түшүнөт.

Албетте, философиялык кризис, коомчулуктун башынан өтүп жаткан кризистин бир бөлүгү. Ушундан улам коомдун аны менен катар философиянын кризистен чыгуу боюнча суроолору жаралат. А. Бадьюнун сөзү менен айтканда философия дагы бир кадам алдыга жылышы керек. Бул кадам кантип жана кандай багытта жасалышы керек? Бул суроонун жообу философиянын чыныгы табиятын түшүнүүдөн көз каранды.

Биринчиден, А. Бадьюнун айтуусу боюнча философия, белгилүү түрдө философиялык эмес тармактардан көз каранды. Ал тармактарга илим, саясат, искусство жана сүйүүнү киргизсек болот. Бул тармакта чыгармачылык эксперименттер башталып, муну менен катар жаңы философиялык келечек болот.

Ал эми экинчи варияntты  айтсак, азыркы цивилизация өзүнүн түбүнө өзү жетет, келечекти элестете албайбыз. Келечек чеги жок караңгылыкка моюн сунат.

Философиянын келечеги анын акырындан жок болуусу менен шартталат. Философия интеллектуалдуулуктун жана формаларынын тебелендисинде калуу коркунучу жаралат.

Мына ушундайча XXI кылымда философиянын тагдыры цивилизациялык өнүгүүнүн заманбап түрдөгү кризиси катары аныктап калган. Ал кризистен чыгып, жаңы цивилизациялык өнүгүүнүн түрүнө өтүү философияны өлүмгө алып келет. Ошондой эле баса белгилеп кетүүчү нерсе, коом менен философиянын байланышы биринчилик, экинчилик маселеси менен каралбай калуусу мүмкүн. Бул байланыш ачык-айрым көрүнүп тургандай абдан терең жана ал өз кезегинде иш-аракеттердин формаларынын биримдигинен, кандайдыр бир тарыхый доордун, маданияттын формасы катары пайда болот. Муну Г.Зиммель “Жашоонун мыйзам ченемдүүлүктөрү”, Шпенгер “Жашоонун формалары”, ал эми Рикерд болсо “Билимдин интригалык закондору” деп аташкан. Бул бир гана жагдай.

Башка бир жагдай болуп жаткандардын маанисин ачытап жана баяндоого дал ушул философиянын гана алы жетет. Ошону менен бирге ал мүмкүн болгон багыттарды, келечектеги өнүгүү тенденциясын аныктайт, тагыраак айтканда кризитен чыгуунун жолдорун көргөзүп берет. Ал үчүн философия көңүл чордонун аны айгинелеп   туруучу түшүнүктөргө, коомдук жашоонун жаңы элементтерине, ар түрдүү практикалардын жаңы элементтерине бурат.

Адилеттүүлүктү изилдөө мурунтан эле белгилүү болгон эркиндик менен теңдиктин, либерализм менен утилитаризмдин ортосундагы диллеманы чечүүгө далаалаттандырат. Ачык-айкын көрүнүп тургандай бул эркиндик менен теңдиктин ортосундагы конкреттүү формаларды жана кандайдыр бир маани-мазмунга ээ болгон тең салмактуулук. Жогоруда айтып өткөн тең салмактуулукка жетүү чыныгы саясатта оңой болбой коюу менен тим болбостон, кээде трагедиясыз да болбой койбойт. Эркиндикке үгүттө жана ал үчүн күрөшүү

революция мезгилинде ээ болгон соң адамдардын изгиликке умтулбагандыгы жөн гана жеке кызыкчылыктар менен саясий чындыктын принциптерине дал келбей калгандыгы ачыкка чыгат. Абалды оңдоо, саясий чындыкты калыбына келтирүү катуу көзөмөлдөрдү талап кылат. Бул жөнүндө революциянын тажрыйбасы гана тастыктабастан адилеттүүлүк жактан да өзүн-өзү аныктаган заманбап саясат да тастыктап турат.

Аталаган карама-каршылыктын чечимин жана демократия, философия, саясаттын ортосундагы татаал мамилени ачыктап берүү мүмкүнчүлүгү барбы? А.Бадью батыштын саясатчылыры менен биргеликте демократияны кайра карап чыгууну сунуштайт. Ал айтат: “Философиялык көз караштан алганда демократия норма дагы, мыйзам дагы, максат дагы болуп саналбайт. Демократия – жөн гана элдин эркиндикке чыгуусунун каражаттарынын бири”. Демократия дагы илим, искусство сыяктуу философиянын шарты болуп саналат. Бирок, философиядан демократияга өтүү болбой жатат. Канткенде философиядан демократияга өтсө болот? Философиянын эзотерикалуулуктан, аристакраттуулуктан айрылуусу менен элдин жана ар кандай социалдык коомдордун философчулукка болгон муктаждыктарынын көбөйүү шартында гана. Мындай муктаждыктар кантип пайда болот? Саясий активдүүлүктүн күч алышынан, ар кандай топтон турган элдин катышуусу мүмкүн болгон саясаттын жаңы формаларынын чыгышынан улам. Башкача айтканда, А.Бадью боюнча жаңысаясаттын өсүп-өнүгүүсү бир гана профиссионал-философтордун рефлекциябын жаратпастан, башкалардын ортосундагы дагы философиялык дискуссияларды жаратуу менен жаңы идеалардын пайда болушун жана алардын практикада ишке ашышын активдештирет. Дал ушул кадам, философия жасай турган кадам болот.

# II БӨЛҮМ

## 2.1 Түрк элдеринде адилеттүүлүк түшүнүгү

Адилеттүүлүк түшүнүгү бир гана кыргыз эли үчүн эмес жалпы түрк элдеринин социалдык-саясий жашоосунда эбегейсиз зор мааниге ээ болгон. Себеби, коомдук тартипти жана байланыштарды жөнгө салган жана аныктаган түшүнүк болгон. Байыркы урууларда жана дөөлөттөрдө коомдук тартипти жөнгө салган, элдин жашоо образын, жүрүм-турум нормаларын калыптандырган улуттук традициялардын, теңир ишенимине негизделген каада-салттар бүгүнкү баш мыйзамдай эле өтүмдүү, күчтүү болуп, социалдык-саясий мамилелерди аныктаган мыйзамдай эле кызмат кылган. Элдердин коомдогу адилеттүүлүктү аныктоодо сөзсүз түрдө диний ишенимине токтолуу кажет.

Орхон жазма эстеликтерине таянып, андагы кыйыр маалыматтардын негизинде байыркы түрктөр алардын ичинде кыргыздар макрокосмосду жогорку, ортоңку жана төмөнкү деп үчкө бөлгөндүгүн жана ал үчөөнүн ортосунда бардык тирүү жандыктар жана кудайлар да бөлүнүп каралгандыгын белгилейт.

Жогорку макрокосмосдо, же асманда – Теңри, ортоңку макрокосмдо – жер үстүндө – (Ыйык Жер-Суу) жана төмөнкү макрокосмдо – жер астында -хан бийлик жүргүзгөн. Орхон жазма эстеликтеринде үч эле кудайдын аты аталганын белгилеп, алар Тенгри, Умай жана Ыйык Жер –Суу экенин жазат.

Аталган үч кудайдын ичинен Теңри өзүнчө бөлүнүп каралып, ага көбүрөөк маани берилгендиктен байыркы түрктөрдүн, алардын ичинде кыргыздардын да, диний ишенимдер системасын шарттуу түрдө теңирчилик деп аташкан (тенгрианство, тенгриизм, tanrıcılık ж.б.у.с.).

Азыркы кыргыз тилинде колдонулган “теңир” деген сөз Енисей жазма эстеликтеринде “теңри” деп берилген. Бул сөз “кудай”, “асман” жана “ыйык” деп үч мааниде колдонулган.[16]

Дал ушул жерде адилеттүүлүктүн аалам түзүлүшүнүн башатында орун алгандыгын жана ар дайым шайкештикти камсыз кылуусу улуу мыйзам экендигин көрө алабыз. Теңирчилик түшүнүгүнүн өзү адилеттүүлүктү, теңдикти, калыстыкты, аяр мамиленин зарылдыгын айгиленеген түпкүлүктү түшүнүк. Теңирчилик макрокосмос менен микра космостун байланышынын чен-өлчөмү, б.а. адамзаттын социум менен да табият менен болгон карым-катышында да адилеттүүлүктү талап кылат.

Түрк элдеринде “дөөлөт, кубат, бакытты” камтыган “Кут” – Теңир тарабынан түшөт деген ишеним өкүм сүргөн. Каганга бийлик эрки Теңирден келет, Кут даарыйт. Демек, түрк дүйнөсүндө каган Теңирден алган эрк менен бийлик башына келет жана ал мамлекеттин, жалпы калайык калктын кызыкчылыгы үчүн адилеттүү бийлик жүргүзүүгө, өлкөгө тынчтык, бакубат жашоо жагдайын орнотууга милдеткер деп эсептелинет. Мындай милдет – Көк Теңирден каганга ыйгарылган аманаты катары кабыл алынган.[17] Ага ылайык, эл ичинде теңчилик орнотулуп, ар биринин укуктары корголушу керек, кысымга жана зулумдукка жол берилиши керек. Тышкы душмандарга каршы ар дайым биримдикке жана өлкөнүн эгемен болушу үчүн, элдин бейпил турмушу бузулбашы үчүн ар убак күрөшүүгө даяр болушу керек. Жаңылган же түрк каганына чыккынчылык кылган будундун (калк) Теңир жазасын берет.[18] Негизи каган – өкүм чыгарган жана жазалай турган бир каражат катары кабыл алынган.[19] Ал эми жогоруда саналган жоопкерчиликтерди мойнуна алган каган өз элине кыянатчылык кылса, зулумдук кылып, өз элин кыйын кырдаалга түшүрсө, каган да Теңирдин каарына калып, ар кандай жол менен сөзсүз жазаланат. Андай учурда каган жалпы журт жана уруу бийлери тарабынан тактыдан түшүрүлөт. Бул айтылган эки көрүнүштө тең каада-

---

[16] Кыргыз билим берүү академиясы. Дин маданиятынын тарыхы. Бишкек -2016. 30-35б.

[17] Mehmet Niyazi. Türk Devlet Felsefesi. –İstanbul, 1999, 207-б.
[18] Aydın Taneri. Türk Devlet Geleneği. 1993, 95-б.
[19] Özlem Bağdatlı. Kutadgu Bilig’de Devlet Ve Adalet İlişkisi. İstanbul, 2007

салттан, коом тарабынан жалпы кабыл алынган түзүлүштөн четтөө жана андан четтегендердин жазасын Теңир бере тургандыгын көрүүгө болот. Мамлекетке жана каада-салтка баш ийбегендер жана ага каршы багытталган терс иш-аракеттер жазасыз калбайт. Жазалоо процесси кандай гана учур болбосун Теңирдин эркине таянат. Мына ушундан улам адилеттүүлүктүн булагы Теңир деген тыянакка келүүгө болот. Байыркы таш жазуулары да далилдегендей, исламга чейинки мезгилде түрк элдериндеги ишеним боюнча Көк Теңир коомдук турмушту аныктаган кудиретке ээ. Кагандын эл башына чыгышын, б.а. бийликке ээ болушун ошондой эле согуштардан жеңип чыгышы да Көк Теңирдин колдоосу менен болот.[20]

“Мен, Теңирдей жана Теңир жалгаган Түрк Билге Каган, Бул доордо тактыга отурдум”. (Билге каган таш жазуусу К 1).[21]

“Жогоруда Көк чөкмөйүнчө, астыдагы жер тешилмейинче, эй Түрк калкы, сенин мамлекетинди ким кулатып, кыйратаар эле?” (Култегинге арналган таш жазуулары D 3). [22]

Түрк элдери Ислам динин кабыл алган соң Исламдагы мамлекеттин негиздери Түрк мамлекеттеринин да пайдубалын түздү. Түрк-Ислам мамлекетинде өкүмдарлар, бийлик ээлери өлкөдө адилеттүүлүктүн өкүм сүрүшү үчүн өздөрүн жоопкер, милдеткер сезишкен. Жоопкерчилигин жүзөгө ашыруу максатында доо-арыздардан жана адилеттүүлүктү талап кылуучу маселелерден кабардар болуу үчүн ар кандай иш-чараларды уюштуруп турушкан.

Адилеттүлүктүн түрк-ислам дүйнөсүндөгү социалдык, саясий жана укуктук аспектиден кароо менен катар, анын исламдагы таза маанисине өзүнчө токтолууну туура көрдүм. Себеби, мында адилеттүүлүктүн маңызы ачылып, Жараткандын абсолюттук атрибуту катары өзгөчө мазмунга ээ. Ушундан улам, ислам дининдеги адилеттүүлүктүн маңызын диний жана онтологиялык преспективадан ачуу максатка ылайык

[20] О.э.ж. 21-б.
[21] О.э.ж 21-22-б.
[22] О.э.ж 23-б.

## 2.2. Исламдагы адилеттүүлүк түшүнүгү

Ислам дининин ыйык китеби болгон Куран-ы-Керимде адилеттүүлүк “Аль-Адл” (“Абдан адилеттүү”) деп аталып, Аллахтын 99 ысымынын бири катары берилет. Адилет сөзүнүн арапча сөзмө-сөз түпкү маниси “бир нерсени өз ордуна коюу” дегенди билдирет. Ал “туура мамиле”, “туура иш-аракет”, “теңдик”, зомбулукка карама-каршы көбүнчө “укук” менен бирдей мааниде колдонулат.

Аллахтын көп сандаган сапаттары, ажырагыс касиеттери, атрибуттары арасында анын адилеттүүлүгү да өзгөчө орунга ээ жана бул түшүнүк анын ааламды түзүүсүндөгү үстөмдүк кылган мыйзамдарынын ичинде өзгөчө роль ойнойт. Бир караганда анын адилеттүүлүгү башка атрибуттарынан эч кандай деле айырмаланбагандай эле көрүнүшү мүмкүн, бирок дагы да терең изилдей келсек, Алланын адилеттүүлүгү чындыгында өзгөчө статуска ээ. Жаратkандын адилеттүүлүгү бүтүндөй ааламдын тартибинин жана ыраатынын негизинен түзө тургандыгы тууралуу Имам Али (Р.А) “Адилеттүүлүк-дүйнөнү үстүнө таяп турган тирөөч (столба)”- деп бекеринен айтпагандыр (Мизан аль-хикма). Анын аталган касиети - Жараткандын барлыгы менен адамдын ишениминин ортосундагы түздөн-түз байланыш экендиги гана айтуу жетиштүү. Аллахтын адилеттүүлүгү – пайгамбарлардын периште эмес, кадимки пенде катары төрөлүп жашоосу, Кыямат күнү адамдардын кайрадан тирилиши, өлүмдөн кийинки жашоодо сыйлык жана жазанын болушу, тандоо эркиндиги жана алдын-ала белгилөө, исламдын практикалык жагы ж.б.у.с. диний дүйнө көрүмдүн бир топ принциптерин абдан жеткиликтүү ачыктайт. Ошондо эле, бул жарык дүйнөдөгү болуп жаткан көп түрдүү кубулушту түшүнүүгө жардам берет. Адилеттүүлүктүн дүйнө иретинин негизин түзгөндүгүн кабыл алуу же четке кагууга карап адамдын курчап турган дүйнөгө карата көз карашы жана ага ылайык иш—аракети да өзгөрөт. Мына ошондуктан, Жараткандын адилеттүүлүгү – Аллахтын маанилүү атрибуту экендигин, ал эми Аллахтын адилеттүүлүгүн туура кабыл алуу –

айланабызда болуп жаткан көп сандаган процесстер жана кубулуштар жонүндөгү түбөлүк түшүнүүнү да талап кылат.

Адам баш болгон жандуунун баары белгилүү бир тартипте жаралып жана жашоолорун улантышууда. Дүйнө жүзүндө баардык табигый көрүнүштөр белгилүү бир система жана шайкештик ичинде болуп, өзгөрүп, өнүгүп, уланып турат. Галактикадан, планеталардан, жылдыздардан, Жер жүзүнөн, деңиздерден, абадан ар бир тартиптин (системанын) бар экендиги байкалып турат. Жан-жаныбарлардын да белгилүү бир тартипте эч бир кынтыксыз түрдө сүзүп, сойлоп, басып жана учуп жүргөнүн көрөбүз.[23] Белгилүү болгондой, ааламдагы бардык заттар дайыма кыймылда, тынымсыз өзгөрүү, жетилүү процессинде болот. Атом ядросунан баштап көктөгү жылдыздарга чейин тынымсыз кыймылда, ошол эле учурда башаламан эмес, белгилүү системадагы кыймылына күбө болобуз.

Айта турган болсок, Чыгыштын орто кылымдагы ойчулу Аль-Кинди (б.з.801-873) ааламдагы бардык кубулуштар менен көрүнүштөрдө белгилүү тартиптин, шайкештиктин, байланыштын, сулуулуктун жана максаттын бар экендигин айткан.[24] Фараби (б.з. 872-950) жана Ибин Сина (б.з. 980-1037) да чыгармаларында ааламдын тартиби менен коопсуздугуна токтолушкан. Фарабинин ою боюнча, Кудай – ааламдын жөндөөчүсү. Аалам – Кудай жараткан тартиптин туундусу болуп саналат. Бул тартипте Кудайдын адилети өкүм сүргөндүктөн, ал жерде адилетсиздикке орун жок, ал туралуу сөз болушу да мүмкүн эмес. Ушундай эле көз караште Газали (1058-1111) да жактап, адамдын дене мүчөлөрү сыяктуу эле ааламдагы бардык нерселер да бири-бири менен шайкеш, үндөш, тыгыз байланышта, кынтыксыз жаратылгандыгына басым жасайт.

Социалдык тең салмактуулуктун негизин жана социалдык турмуштун гармониялуу болушу адилеттүүлүктүн ишке ашуусу менен байланыштуу. Ошондуктан Аллах ар түрдүү коомдорго пайгамбарларды жиберет, алар менен

---

[23] Айдин Топалоглу. Атеизм жана анын сындалышы // түркчөдөн кырг.которгон Г.Жумакунова // Анкара, 2003. 114-115-б

[24] Mehmet Aydın. Din Felsefesi. İzmir, 1990, 48-66-б.

кошо китеп жана адилет таразасын да түшүрөт (Хадид сүрөөсү,57/25); адилеттүүлүктүн болуусуна буйрук кылат (Араф сүрөөсү, 7/29; Нахл сүрөөсү, 16/90).

Жаратылыш жагынан адамдар бирдей эмес. Айрымдары кучсүз, айрымдары күчтүү, кээ бирөөнүн ден-соолугу чың, алты саманы аман болсо, кээ бирөөлөрү майп же оорукчан. Ал эми бирөөлөр жакшы шарттарга, мүмкүнчүлүктөргө ээ болсо, башкалары тескеринче. Теңдик – бир гана акы менен укук болгон жерде. Мыйзам алдында бардыгынын тең, бирдей болуусу, кандайдыр бир нерсеге ээ болууга укуктуу болушу – теңдиктин негизинде гана болот. Ислам дининде адамдардын дини, дили, рассасы, жынысы жана өлкөсү, маданияты жагынан ар башка болушуна карабастан адамдарга, адам катары жаратылгандыгы үчүн бирдей мамиле кылуу жана Аллахтан адамга тубаса берилген жан, мүлк, акыл, намыс жана дин сыяктуу адам жашоосу үчүн зарыл болгон укуктарын коргоо абдан маанилүү. Жараткан кандай гана кырдаал болбосун, адамдардын укугу корголушун талап кылат жана буга карама-каршы мамиле кылгандарды залимдер деп сыпатайт(Нур сүрөөсү, 24/48-51).

Ошондой эле, ал адилеттүүлүктүн такыбага ылайык сапат экендигин (Маида сүрөөсү 5/8), адил адамдарды жакшы көргөндүгүн белгилейт (Хужурат сүрөөсү 49/9). Мындай талап аткарылбаган учурда өзү акыретте эч бир адилетсиздикке жол бербестен пенделерин суракка тарта тургандыгын жана ар биринин кылык-жоругуна жараша акысын бере тургандыгын жар салат. “Кыямат күнү үчүн адилет таразын орнотобуз. Ошондо гана эч бир жанга кыпындай да залал келтирилбейт, зулумдук кылынбайт. Амалдарды (аткарган иш) бир кичинекей дандын ордугунчалык болсо да, таразага тартабыз. Биз анаын баарын эсептөөгө жетишебиз”(Энбия сүрөөсү,47).

Жыйынтык катары, исламдын эң маанилүү сыпаттарынан бири – адилеттүүлүк. Адамдын эки дүйнөдө тең бейкут жана бакытты орнотууну максат кылган ислам укук жана адилеттүүлүк маселесине өзгөчө көңүл бурган. Аллах адил, ошол себептен Аллах ыйык Куранда укук(акы) жана адилеттүүлүктүн ар

тармакта ишке ашырылышын буюрат. Мына ушул алкактан, кайсы деңгээлде болбосун бир башкаруучу жетектеген мекемеде, сот караган иште, бир күбө болгон маселеде, бир соодагердин соодасында жана момундардын адамдар менен карым-катышында акылын эске алынышы, кыскасы адилеттүүлүктүн ар бир иште, мамиледе чен-өлчөм, критерий болушу шарт.

Жогоруда адилеттүүлүк тууралуу айтылгандардан да баамдаганыбыздай, ал бир гана социалдык турмуштагы, адамдар ортосундагы мамилелерди жөнгө салуучу мыйзам. Ушундай эле көз караш ислам дининин негизин түзгөн башаттардын бири болуп, бул ааламдагы бүт кубулуштарды өзүнө камтыйт, анын ишке ашырылышы Аллах тарабынан жөнгө салынат.

## 2.3. Кыргыз философиясы жана Жусуп Баласагын

Философиясы жок улут болбойт. Кыргыз өзгөчө кыялкеч, ойчул, даанышман, даанышман акылмандуулукту сүйгөн калк. Кыргыз элинин бай, теңдешсиз терең, түрдүү жана бийик дөөлөтүнүн негизин, анын философиясы, башкача айтканда, акылмандыкты сүйүүсү түзөт. Ар бир көчмөн кыргыз кыялдуу, ойлонгон, фантазёр, жомокчу, жамакчы болгон. Байыркы кыргыздардын Евро-Азия кең мейкиндигинде миңдеген жылдар бою көчмөн турмушта жашап келген жоокер эл катары, өзүнүн “дүйнө таанымын”, “дүйнө кабылдоосун”, “дүйнө түшүнүгүн”, камтыган табигат менен эриш аркак жашаган, коомдук жана жеке турмуш-тиричилиги көчмөндүккө ылайыкташкан, эң бай, ар түрдүү жана ишенимдүү философиясы болгон. Кыргыз чыгыш маданияты, рух дөөлөтү, таза жан дүйнөсү, бай ой-толгоосу менен айырмаланган, адамкерчиликтүү акыйкаттыкты, адептүүлүктү теңдикти, азаттыкты, намыскөйлүктү ыйык туткан, мамлекеттүүлүгү, нагыз жарандык уюму (коому), ачык, акыйкат демократиясы болгон. Көчмөндөр цивилизациясын түзгөн, өнүктүргөн, ар тараптан гүлдөткөн,

түмөн ханзу калкы менен ж.б. жакынкы түрк, алтай, монгол элдери менен тең ата кошуналыкта жашаган жоокер эл болгон. Бийик, аскалуу, адырлуу, токойлуу, шаркыратмалуу тоолордо жайдыр-кыштыр көчүп, таза абада, мөлтүрөгөн булактардын жана суулардын жээктеринде жүргөн кыргыз баласы эркин ойлонууга, кыялданууга, акылман сөзгө, жамакташа куюлган ырга, сызылган комуз күүсүнө жакын болгон. Күндөлүк турмушу ушуларга жык толгон, Батыштын жана Орусиянын, Азияны аралаган окумуштуулары, саякатчылары, чалгынчылары кыргыздын сөз байлыгынын, рухый дөөлөтүнүн жакынкы жана алыскы кошуна элдерге салыштырып караганда эң бай, ар түркүн экендигин бир канча ирет баса белгилешкен. Кыргыздын ишеними болгон Теңирлик, Манас энциклопедиясы, көп сандаган тармактык эпостор, санжыра, дүйнөдө саны-сапаты жагынан теңдеши жок макал-лакаптар, комуз күүлөрү, табигат менен айкалышкан бийлери, боз үй жана анын кооз жасалгалары, кийим-кечектери, ат-жабдыктары, буюм-теримдери, ыр-жамактары, ж.б. оозеки чыгармалары—дүйнөлүк социалдык казына, рух байлыгына кошкон теңдешсиз салым.[25]

Кыргыз философиясы бул дүйнөлүк философиянын бир бөлүгү. Ал байыркы доордон баштап, кыргыздардын дүйнөгө карата көз карашы, мифтери, ислам дини келгенге чейинки ишеним жана эмпирикалык билимдери менен калыптанган. Кыргыздардын табиятка жакындыгы, жаратылышка болгон көз карандылыгы алардын ой жүгүртүүлөрүндөгү рационалдык тенденциялардын пайда болушун шарттаган. Анын негизги өзгөчөлүгү кыргыздардын стихиялуу түрдө таанып-билген сырткы дүйнөгө болгон туюм-сезимдик мамилеси болуп эсептелет.

Кыргыз философиясы тарыхый шарттарга байланыштуу байыртадан бери категориялык, теориялык формада эмес, элдин руханий керектөөлөрүн канаттандырган, түшүнүктүү болгон оозеки чыгармачылыктын, жомоктордун, мифологиянын, эпостордун, акындардын чыгармачылыгынын, макал-лакаптардын формасында өнүгүп келген.

---

[25] Бердибек Абдраимович Жумабаев. Кыргыз дүйнөтаанымы. Кыргызстандын жаңы адабияты. -2011.

Кыргыз философиясы – бул кыргыз элине тиешелүү, кыргыздарга мүнөздүү философиялык жол-жоболордун, ой-түшүнүктөрдүн тутуму. “Кыргыз” деген сөз философиянын кыргыз жашоо турмушунун, тарых-маданиятынын, каада-салтынын, ой-кыялынын, дил-тилинин кыртышында кандай өсүп-өнүккөнүн, кандай отурукташканын, кандай кызмат аткаргандыгын аныктап, ачыктаган түшүнүктү туюндурат.

Мындай аныктамаларды сунуштасак болот : Кыргыз философиясы – бул сабырдын философиясы. Кыргыз “Сабырдын түбү –сары алтын” деп эсептейт. Кыргыз философиясы-бул ынтымак, тынчтыктын философиясы. “Ырыс алды ынтымак” – кыргыз муну кадам сайын оозанат. Кыргыз философиясы – эрктин, эркиндиктин философиясы. Буга “Манас” эпосу күбө. Буга “Бетеге кетет, бел калат. Бектер кетет, эл калат” дегендей мыйзамдар күбө.[26]

Кыргыз философиясы - бул макал-лакаптар, “манас” баштаган чоң кичине эпостор, бала-чактан укуп келген жомоктор, уламыш-аңыздар. Кыргыз философиясы – бул Калыгул, Жеңижок, Токтогул, Барпы, Алыкул Осмонов, Чынгыз Айтматов, Кубатбек Жусубалиев.

Албетте булардын баардыгы оозеки чыгарма, көркөм адабият, бирок алардын маани-маңызын тереңирээк карасак, талдап, баалап, ой-түшүнүктөрдүн тизмегин курап, туташтырып чыкканыбыз да философиялык терең асыл ойлорду, идеяларды көрөбүз. Анткени кыргыздардын ой-санаасы, акыл-дээри, сүйүнүчү-күйүнүчү, өкүлкүсү-күйүтү, башынан өткөргөн азап-тозогу элестүү , көргөзүп сүрөттөлгөн.

Кыргыз философиясын тарыхый ченемдерин дүйнөлүк философиядан айырмаланып башкача жол-жоболор менен аныктап келишибиз керек. Албетте философиянын байыркы доору өз жүзүнө ээ. Айталы теңирдик тутуму туурасында айтсак жарашат. “Ислам доору” өзүнчө каралышы керек, “Көчмөндөр философиясынын” өз жолу бар. “Сынчылардын” философиясы өзгөчө орунду ээлейт. Ойчул-акындардын философиясын өзүнчө териштирип, туташтырып

---

[26] Жамгырбек Бөкөшов. Кыргыз философиясы. 2013,49-б.

карасак ылайык келер. [27] Бул тарыхый тизмек эмес, бул маани-мазмунуна карап жиктеш талабы жөнүндө болуп отурат.

Философия бир топ аныктамаларга ээ. Алардин бири даанышмандыкты, акылмандыкты сүйүү. Демек акылман кайсы бир деңгээлде бул философ. Акылман бул – эл арасандагы, көп ичиндеги, ишке жакын, чукул философ. Кыргыз рух маданиятында философ, сынчы, ырчы, акын, акылман ойчулдарыбыз болуп өткөн. Толубай сынчы, Санчы сынчы, Кетбука, Асан кайгы булар тарых сүргөн инсан болушкан. Алардын айтып өткөндөрү, кылган иштери эл оозунда аңыз кепке айланып, толук болбосо да осуят-насаат катары баяндалып келет.

Кыргызда “Токтогулдай ырчы, Толубайдай сынчы бол” деген кеп айтылып келет. Толубай бир гана жылкынын сырын билген саяпкер эмес. Толубай акылман, кыргыздын философу. Философиянын өзү сын, болуп жаткан нерсенин сын-сыпатын, чындыкты таамай көрө билүү, ачыктап, жаңылыш ойдон аныктамадан алыс болуп, туура баамдап түшүнүү болуп эсептелинет. [28]

Чыныгы акын философ болот, чыныгы философ сөз уста болот дегендей Токтогулдун акындыгы, акылмандыгы, сөз чебердиги менен кыргыз ойчулдарын толуктап турат.

Ал эми жамандыкты жоготууга, жалпы гармониянын жолдорун издеп табууга даалаттанган Асан Кайгы экологиялык адеп-ахлакты, биоэтикалык идеяларды көтөрүп гуманизмге чакырат. Анын моралдык кредосу адамга гана эмес, бүтүндөй курчап турган чөйрөгө карата берилет.

Боорунда буту жок,

Жылан байкуш катти экен?

Жатаарына жайы жок,

Чымын байкуш кантти экен?

---

[27] Жамгырбек Бөкөшов. Кыргыз философиясы. 2013, 59-б.

[28] Жамгырбек Бөкөшов. Кыргыз философиясы. 2013,66-б.

Алдейлеген эне жок,

Асыраргa ата жок,

Жетим байкуш кантти экен?[29]

Ошондой эле кыргыз философиясынын орчунда орунга ээ болгон бул – демократ кыргыз акындары. Алардын өзгөчөлүгү объективдүү чындыкты реалдуу жобо аркылуу чагылдырганга аракет жасашкан. Алардын ырларында жаратылыш, дүнүйө, өмүр, аалам деген түшүнүктөр айырмаланып турат. Алардын түшүнүгүндө дүнүйө объективдүү реалдуулук, бизди курчап турганнерселер менен кубулуштардын дүнүйөсү. Акындар материализмди жактап аба, жер, от, суу сыяктуу төрт уюткуну адам жашоосунун зарыл негизи катары беришет. Токтогулдун чыгармасында дүйнөнүн башаты болуп аккан суу [30] Барпынын чыгармасында жер, Тоголок Молдонун “Жер жана анын балдары” деп аталган эмгекте суу, шамаал, от жамгырдыгын биримдиги аталат.

Ал эми Жеңижок акын болуп жаткан баардык кубулуштар менен нерселердин себебин сырттан эмес, табияттын өзүнөн издеген. Жеңижок, Токтогул, Барпы жана Тоголок Молдо нерселер ар дайым кыймылдап, өзгөрүп, өнүгүп турарын айтышкан. Аны менен бирге адамда ишмердүүлүк да тынымсыз өзгөрүп келкт. Ал эми өлүм – тарыхый, табигый шарттуу процесс. Башка жандуулардан өзгөчөлөнүп адам акыл-эстүү жандык катары “өзүн өзү таанып билет,өткөнү менен келечекте ажалдын болоорун, алсыздыгы менен айласыздыгын түшүнөт”.

Кыргыз философиясынын өздөрүнүн чыгармалары менен толуктап, кеңейткен бул заманчы акындары. Алардын чыгармаларындагы идея курчап турган дүйнөгө карата эстетикалык мамиле кылуу орчунду орунга ээ. Арстанбек, Калыгул жана Молдо Кылыч табиятка эстетикалык мамиле жасоо проблемасын “Санат”, “Терме”, “Жинди суу”, “Чүй баяны”, “Буудайык”, “Канаттуулар” ж.б.

[29] Аманалиев Б. Из истории философской мысли киргизского народа. –Фрунзе, 1963. 65-б.
[30] Сатылганов Т. Чыгармаларынын жыйнагы: -Фрунзе, 1989. 172-173-б.

эмгектеринде чагылдырышкан. Зар заман деп адилетсиздикти, ыймансыздыкты, үстөмдүк кылган заман аталат. Бузулган коомду акындар зар заман деп атап, төмөнкүдөй мүнөздөмө берип өтөт:

Байыркыдан барк кетти,
Каада, нуска, нарк кетти,
Каарылардан барк кетти,
Карыдан нуска нарк кетти.[31]

Бейил кетти адамдан,
Береке кетти замандан,
Нуска жорук жоголду,
Жакшы менен жамандан.[32]

Заманчы акындар учурдагы абалды сынга алып, терең талдап, баалап зар заман, тар заман, акыр заман деген аталыштарды берип өтүшкөн. Алар бир гана сынга албастап, учурдун абалын баалоо менен бирге келечекти көрө билгенге аракет жасашкан.

Кыргыз философиясында эң орчундуу орунду ээлеген бул Жусуп Баласагын жана анын философиялык трактат катарында бааланып келген “Кут билим” чыгармасы эсептелинет. Анын чыгармасы кыргыз элинин философиясына, маданиятына, адабиятына эбегейсиз салымы чоң. Ошол себептен Жусуп Баласагынга кайрылып, анын “Кут билим” чыгармасындагы берилген асыл ойлорду карап чыгуу туура болот дей ойлойм.

Жусуп Баласагындын өмүр таржымалы жөнүндө маалыматтар аз, бизге жеткен жазма булактарда да так маалыматтар кездешпейт. Ошого карабастан, адатта

[31] Арстанбек. 11-б. интернет булактарынан.
[32] https://kg.tyup.net/moldo-kylych-shamyrkan-uulu-zar-zaman-1387

акылмандар басып өткөн жолун өз чыгармачылыгында чагылдырат. Жусуп Баласагын да өзүнүн өмүр таржымалын ыр сабында көркөм баяндап кеткен:

Эске тутуп бул китепти жазып койгон,
Ардактуу, сыпаа, сөзмөр адам болгон.
Акылдуу, түркүн-түркүн билим билип,
Жүрүптүр эл ичинде ойноп күлүп.
Күзордо анын туулуп-өскөн жери,
Жатык тил, учкул сөздүү туулган эли.[33]

Ж.Баласагын болжол менен xı кылымдын 1017-1018-жылдары өзү чыгармада айтып кеткендей Күзордодо туулган. Белгилей кетсек, дастандын кара сөз түрүндөгү киришүүсүндө Күзордонун экинчи аталышы Баласагын экендиги жөнүндө маалымат кезигет. Төмөндөгүдө жазылган: “Бул китепти жазган баласагындык такыба, сыпаа киши. Ал китебин Кашкарда (жогоруда айтып өткөндөй, Кашкар ал учурда Караханийлер мамлекетинин карамагында болгон) бүтүрүп, Чыгыштын өкүмдары Тавгач хандын ордосуна белек кылды”.[34]

Баласагын шаары азыркы Кыргызстандын аймагындагы Токмок шаарынын түштүк тарабында жайгашкан Ак-Бешим, Бурана айылдарынан орун алган. Демек, улуу дастан “Кут Билимдин” автору – Баласагын шаарынын кулуну, орто кылымдагы кыргыз элинин урпагы. Бирок, эске ала турган жагдай, Карахандар мезгилинде  түрк калктары азыркыдай жиктелип, казак, уйгур, кыргыз, өзбек деп ажырап аталган эмес. Ошол себептүү Ж.Баласагынды жана анын дастанын орто кылымдагы орток түрк калктарына тийиштүү деп кабыл алуу ар элдин аны “өзүнө ыйгарып алуу” маселесине каршы адилеттүү десек болот.

Ж.Баласагын баштапкы билимди өз мекенинде, андан соң Бухара, Самарканд, Багдат, Кашкар ж.б шаарлардан өзү айткан “түркүн-түркүн” билим алган.

---

[33] Жусуп Баласагын. Куттуу билим//кырг.Котор.Т.Козубеков.Бишкек,1993.33-б.
[34] Жусуп Баласагын. Куттуу билим//кырг.Котор.Т.Козубеков.Бишкек,1993.33-б.

Дастандан анын көрүнүктүү акын, өз заманынын өтө билимдүүсү, адамдын ички дүйнөсүн ача билген акылман философ, окумуштуу-энциклопедист, араб жана фарсы поэзиясын ошондой эле түрк фольклорун кылдат өздөштүргөн акын, анын астрономия менен математикадан, медицина менен элоквенциядан, шахмат менен элдик оюндардан, мергенчилик менен куш таптоодон ж.б. көптөгөн иштерден кабардар экенин баамдоого болот".[35]

Философтун бул акы-насаатка бай, мамлекетти туура жана калыс башкаруудагы жалпы эле адамдын жашоо-тиричилигиндеги туура жолду көрсөтүүчү "Кут билим" дастаны жогору бааланып, Жусуп Баласагын Караханий ханы Тавгач Сатук Богра хан тарабынан Хас Хаджиб б.а. "Ак сарайдын улуу кеңешчиси" деген ошол кездеги акылман кеңешчилерге ыйгарылуучу ардактуу титулга татыктуу болуп, Карахандар мамлекетинин хан ордосунда кызмат ордосунда кызмат өтөөгө чакырылат. Дастандын кара сөз менен жазылган бет ачар бөлүмүндө дастан тууралуу коңшулаш өлкөлөрдүн берген бааларын келтирет: "Чиндин (Түндүк Кытай) төрөлөрү "Такывалык жыйнак" – деп аташты. Мачиндин (Түштүк Кытай) өкүмдарларынын мурасчылары "Маданий түркүгү" – дешти. Ирандыктар "Түрктөрдүн шах китеби" – деп коюшту. Айрымдар болсо өкүмдарларга осуят китеп дешип, Турандыктар муну "Кут билим" – деп аташты".

Ойчулдун чыгармасына "Кут билим" деген аталыштын ыйгарылышы да жөн жерден эмес экендигине да кайрыла кетпесек болбойт. "Кут" – исламга чейинки мезгилдердеги түрк элдеринин ишенимине негизделген түпкүлүктүү түшүнүк. Кут – жакшылыктардын бардык тармагын камтыган касиет, руханий күч, бакыт, ийгилик, ыкыбал, ырыскы, эрдик, саясий башкаруу күчү, инсап. Ал Көктөн келет жана көбүнчө нур катары элестетилет. Юдахиндин сөздүгүндө кут – үйдүн түндүгүнөн түшкөн руханий күч, жашоо кубаты, шанс, урууну коргогон тумар деп берилет. [36] Кут үйдүн түндүгүнөн түшсө, демек ал бийикте. Кут – мейкиндиктин каалагандай жерине, адамга, өкүмдарга түшүшү мүмкүн. Куттуу жер, кутту үй, кутту эл, куттуу адам. Нечендеген кылымдар бою элибиз

---

[35] Баласагуни Юсуф. Благодатное знание//С.Н.иванова орусча которгон.Ленинград 1990. 12-б.
[36] Özlem Bağdatlı. Kutadgu Biligde Devlet Ve Adalet İlişkisi.-İstanbul, 2007.42-45-бб.

куттуулукту ушундай даңазалап, ар дайым куттуулукту көксөп, бардык жакшылыктардын уюткусу болгон кут касиеттине умтулуп келишти. Мына ушул маанисинде Жусуп Баласагындын чыгармасы “Кут билим” – деп аталышы – кут даарып, надагы камтылган баа жеткис асыл ойлордун, эң зарыл билимдердин кылымдардын кырын ашып, адамзат жашоосуна пайдасы тийсин деген мүдөө да бар экендиги айтпаса да түшүнүүгө болот.

Дүйнөлүк маданияттагы акак берметтердин бири болгон “Кутту билим” дастанынын түп нускалары тилекке каршы биздин күнгө чейин жеткен эмес. Анын көчүрмөлөрү гана жеткен. Ошол себептен, дастандын көчүрмөлөрү, алардын жариялоо жана изилдөө иш-аракеттерине кайрылсак: Азырынча дастандын 3 нускасы белгилүү:

1. xv кылымда Герат шаарында уйгур жазуусу менен көчүрүлгөн. Бул нуска кийин Стамбул шаарында сакталып келет. xiv кылымдын 20-жылдарында аны австралиялык Иосиф фон Хаммер-Пургшаль аттуу дипломат сатып алып, кийин Вена шаарындагы императордун китепканасына тапшырат. Ошондон улам, бул нуска вена же Герат нускасы деп аталып калган. Венгер түркологу Г. Вамбери тарабынан бул кол жазма Венада толук жарияланат.

2. Араб ариби менен жазылган бул кол жазма Каир шаарынан 1896-жылы немец окумуштуусу Б.Морин тарабынан табылган. Бул нуска Герат нускасынан кыйла айырмаланат. В.В.Радловдун жигердүү аракетинин аркасында бул Каир нускасы 1898-жылы Петербургга алынып келинген.

3. Дастандын бул үчүнчү кол жазмасы 1913-жылы намангандык кожо-эшен Лоляриштин өздүк китепканасынан А.З.Валидов тарабынан табылган. Бул нуска да араб тамгасы менен жазылган, мурдагы табылган кол жазмалардан айырмаланып текстти толук жана жакшы сакталган. Учурда ал Өзбек илимдер академиясынын Чыгыш таануу институтунда сакталып турат. Айрым

окумуштуулардын божомолдоруна ылайык, бул нуск XIII кылымдын аягы менен XIV биринчи чейрегинде көчүрүлгөн болушу ыктымал.[37]

Ошентип көчүрмөлөрү болсо да, сакталып бизге жеткен Жусуп Баласагындын "Кут билим" дастаны жалпы түрк элдеринин маданиятынын тарыхында өзгөчө орун ээлеген, алардын маданий мурастарындагы адабий-философиялык эмгектердин бараандусу болуп саналат. Ойчулдун энциклопедиялык мүнөздөгү поэмасы бир гана дидактикалык эмес, табигый жана гуманитардык илимдердин проблемаларын кеңири чаңылдырган эмгек болуп эсептелет.

Орто кылымда араб-түрк маданияты журулушуп тургандыктан, ар кандай чыгармалар негизинен араб, перс тилдеринде жазылчу. "Кут билим" алардан айырмаланып эң биринчи жолу араб алфавити менен түрк тилинде жазылган чыгарма. Ал өзү дастандын кириш бөлүмүндө:

"Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың.
Китеп көп араб, тажик тилдеринде,
Бул китеп эң биринчи биздин тилде" –

деп тастыктагандай, дастан – орто кылымдагы кыргыз – түрк тилинде жазылган, 85 бөлүмдөн, 6645 кош ыр саптарынан турган кыргыз элинин маданий дөөлөтү, руханий дүйнөсүнүн улуу мурасы.[38] Ойчулдун бул эмгегин өз эне тилинде жазылышы бизге түрк тилинин байлыгын, ички мүмкүнчүлүгүн жана анын түпкү маңызын ачып берди. Эл менен тилдин тагдыры бири-бирине туташ болуп, тил жана анын түзүлүшү элдин ой жүгүртүү өзгөчөлүгү менен тыгыз байланышта. Тил жандуу кубулуш катары өсүп-өнүгүп, акыл-эс улам жогорулаган сайын тил да татаалданып, анын мүмкүнчүлүгү артат эмеспи. Демек, "Кут билим" түрк элдеринин тили, ой-жүгүртүү жана акыл-эс жөндөмдүүлүгүнүн өсүшү үчүн кызмат өтөгөн көрөңгөлүү эмгек. "Кут билимди" байыркы түрк тилинен котоpуу

---

[37] Шариев Ж. Байыркы жана орто кылымдар түрк адабияты.-бишкек 1996. 107-108-б.
[38] Абдразаков А. Жусуп Баласагын жана анын "Кут билим" дастаны. –Бишкек: КУУ, 2008

жана изилдөөдө эбегейсиз салым кошкон Түркиялык окумуштуу Р.Р.Арат дастан тууралуу: “Бул дастан түрк элдеринин айрыкча бүгүнкү күндө ээ болгон маданият мухитинде сүзө баштаган доорлорду өз кучагына алган бир мезгилде жазылгандыктан, алардын дүйнөкөрүмүн, баалуулуктарын жана ар кандай кез келген маселелерин чечүүдө абдан пайдалуу”[39] – деп туура белгилегендей, эл-журтунун жан дүйнөсү, салт-санаасы менен маданияты, ар-намысы менен эркиндиги ойчулдун көөдөнү аркылуу өткөргөндүктөн, дастан да элдин байо дүйнө көрүмү, каадасы менен ишеними, адеби менен тиричилигинин жуурулушунан жаралган жалпы түрк элдеринин, анын ичинен кыргыз элинин философиясын көркөм чагылдырган баа жеткис мурас. Чыгарма энциклопедиялык мүнөздө болуп, жашоонун түркүн-түстүү тарабы көркөм, аллегориялык формада жазылган. Ж.Баласагын көркөм образдар аркылуу аллегориялык ыкманы пайдалануу менен терең философиялык маселелерди козгоп, рухий дүйнөнүн негизи, болумдун маңызы менен байланышкан зарылдыктын социалдык формасы тууралуу ыраттуу ой жүгүрткөн.[40] Орто кылымдарда ислам идеологиясы өкүм сүрүп турган кырдаалда диний догматикалык алкактан бошонуп, масштабдуу ой жүгүртүүгө жол көрсөтүүдө көпчүлүк ойчулдар аллегориялык ыкманы колдонушкан. Өз кезегинде Ибн Сина да чыгармаларында (“Саламан жана Абсал”, “Хайе Ибн Якзане”) ушул усулду колдонуу менен аны тынчсыздандырган бир катар маселелерди каймана түрүндө билдирип, ушундайча диний төбөлдөрдүн каарынан оолак болууга далататтанган. Жусуп Баласагын да Ибн Сина сымал поэзиянын көркөм каражаттары аркылуу татаал философиялык маселеелерди козгогон. Бирок бул жерде эң маанилүү максат – адам турмушундагы жана коомдогу зарыл касиет-түшүнүктөрдү, сапаттарды жандуу жана конкреттүү кесиптин, б.а. мансаптын ээси адамдардын образдары аркылуу туюнттуу. Дастандын баш каармандары болгон Күндууду, Айтолду, Акдилмиш жана Өткүрмүш ушундайча түркчө ысым берүү жана алардын ар бирине ыйгарылган: Адилеттүлүк, Дөөлөт, Эс-акыл жана Топукчулук сыяктуу маани-маңызы терең философиялык символдордун дүйнөдөгү, адам жана

[39] Yusuf Has Hasip. Kutadgu Bilig/ Çeviren ARAT R.R. Ankara 1998. 7-baskı, II çeviri. Giriş
[40] Бекбоев А.А. Жусуп Баласагын и современность// Материалы Республиканской научно-практической конференции. – Бишкек, 1998. 68-б.

коом турмушундагы ордун, маанисин жана маңызын көркөм баяндоо менен мына бул төрт негизги элементтин шайкеш жашоого өбөлгө түзөрүн баса белгилөө болуп эсептелинет.

Бирок айрым ойчулдар бул идеасын кандайдыр бир илимий-философиялык негиз катары атайылап түзгөн эмес экендигин айтышат.[41] Бул көз карашка ылайык, ал Жусуп Баласагындын дүйнө түшүнүүсү, философиялык көз карашы анын космологиясы менен социалдык идеаларынан көрүнүп тургандай, бир жагынан Фараби, Ибн Сина аркылуу Антикалык философиядан; экинчи жагынан, ислам дининин ишеним системасынан: ошондой эле үчүнчүдөн ал байыркы түрк элдеринин саясий-социалдык маданияты, каада-салты дүйнөкараш формаларынан азыктангандыгын баамдоого болот. Ойчул мына ушундай ар кыл багыттуу дүйнө көрүмдү, тарыхый кырдаалды жаңы мезгилге жараша жаңыдан түзүп, жаңы форма берүү менен аны коомдук идеологиянын таянычтарына айландырган. Анда эч бир мотив, анын мазмуну менен формасынын таза бойдон коргоого алынган эмес, иштелип чыгып ошол учурдагы түрк коомунун жана мамлекетинин негизги маселелерин аналаздөөдө жана чечүүдө “ачкыч түшүнүктөр” катары колдонулган.

Мындан миң жылдай мурун жазылган “Кут билимди” иликтеп-изилдөөдө бир катар илимпоздор, түркологдор, адабиятчылар тобу абдан зор салым кошушту. Айрымдары өз өмүрүнүн бир бөлүгүн аталган дастанды изилдөө менен өткөрүштү (а.а. В.В.Радлов). Албетте, бул кубантаарлык жагдай. Ошого карабастан, “Кут Билимдин” баа-баркын, маани-маңызын негизинен мамлекет башкаруу, бийлик жүргүзүүнүн жолдору катары гана чечмеленип, чыгармада айтылган идеяларды мына ушул алкакта гана ой-жоруп келе жатабыз.[42] Биз бул чыгарманын философиялык маани-маңызын түшүнүүдө дале болсо сырткы “феномени” менен гана алек болуп, ошону гана талдап-иликтеп, анын “ары жагына”, метафизикасына сүңгүп кире албай жатабыз. Башкача айтканда, “дастандын ички маңызына жетиштүү деңгээлде маани бербей, баасын туура аныктай албай келе жатабыз”[43] – деген ой келбей койбойт. Себеби ошол эле чыгармадагы

---

[41] Жусуп Баласагын. Куттуу билим.// кырг.которгон Т.Козубеков. – Бишкек, 2011. Кириш бөлүмү.
[42] Бөкөшөв Ж. Кыркыз-түрк метафизикасы “Баласагын мектеби”. Кол жазма.
[43] Бөкөшөв Ж. 13-кайрык. Кыргыз-түрк метафизикасы – “Баласагын мектеби”. Кол жазма.

адилеттүүлүк категориясы дээрлик бардык эле бул тууралуу жазылган монографияларда, макалада саясатка, этикага гана тийиштүү түшүнүк катары каралат.

Эми чыгарманын түрк элдеринин маданиятындагы жана адабиятындагы орду тууралуу кеп кылууда дастан боюнча ар багытта изилденегн, жазылган белгилүү окумуштуулардын эмгектерине, илимий иштерине учкай токтобой коюу мүмкүн эмес.

“Кут билим” дастанын иликтөө иши кол жазмалардын табылышы менен удаа эле башталган. Дастанды үйрөнүү иши алагч француз түркологу А.П.Жобер тарабынан башталган. Изилдөө жана жариялоодо туу башында турган окумуштуулар Г.Вамбери, 20жыл өмүрүн арнаган орус окумуштуусу Р.Р.Радлов, мындан сырткары В.В.Бартольд, Е.Э.Берьтелс, А.Н.Кононов, Д.М. Насилов, А.Дилачар, В.Р. Арат, С.Е. Малов, К.Каримов, А.Валитова, Ф.Р.Зейналов, Б.Кенжебаев, Н.Келимбетов, Б.Х.Султанов ж.б. Чет элдик изилдөөчүлөр менен катар, Ө.Караев, К.Артыкбааев, З.Эралиев, С.Сыдыков, С.Мусалиев, Т.Козубеков, академик жазуучу Т.Сыдыкбеков да “Кут билим” тууралуу баалуу пикирлерин айтып, дастанды изилдөөгө өз салымын кошушту. Ал эми дастандын социалдык-саясий, коомдук-этикалык, моралдык аспиктилерин Н.Токтоматов, Ж.Жаманкулов, Р.Д.Стамова, Д.М.Айдаров, К.Асаналиев, Г.К.Дыйканбаева ж.б. токтолушкан.

Жусуп Баласагын жана анын дастаны тууралуу изилденген дүйнөлүк алкактагы ж.о.э. кыргыздын бир катар көрүнүктүү окумуштууларынын ысымдары саналып өттү. Жогоруда аты аталган жана аталбаган көптөгөн окумуштуулардын, түркологдордун, авторлордун пикирлерин талдоого алсак, “Кут билимдин” авторунун кайчы элге таандык экендиги, кайсы элдин тилинде жазылгандыгы, анын идеялык булагы, маданий түзүлүшү, Баласагын шаары ошол мезгилде кайсы элдин территориясына таандык болгондугуна байланыштуу бир катар маселелердин айланасында карама-каршылыктуу пикирлердин айтылып келгендигин да баамдоого болот. Айрым авторлор “Кут билимди” да, Махмуд

Кашкаринин эмгегин да уйгур элинин төр мурастары катары карап, эки авторду тең уйгур элинин атуулдары деп эч кандай тарыхый фактыларга, илимий критерийлерге таянбай эле өздөрүнө таандык адамдар деп көрсөтүүгө батыныпты.[44] Мындай өз элине таандык деп көрсөтүү аракети бир гана уйгур туугандарда эле эмес, өзбек, казак туугандарда да болду. Махмудду Кашкардагы өзбек элинин ичиндеги уруудан чыккан деп өзбек автору С.Муталлибов аныктоого далалат кылса, ушундай эле аракетти казак окумуштуусу Г.Г.Мусабаев казак уруусунан чыккандыгын айткан. Ал эми Ж.Баласагындын өскөн шаары Баласагынды казак туугандар бүгүнкү күнгө чейин, Казакстандын территориясында болгон деп тастыктоого ашыгып келишет. Булардан сырткары, дастандын идеялык булагы Кытай аалымдарынын 50 жылдан ашуун убакыт изилдеп келген натыйжаларына көз чаптырсак, кээде чындыкка туура келбеген "Кут билимде" дастанда мамлекет башкаруу системасы, философиялык идеасы Кытай булактарынан келген" – деген пикирлер айтылат.[45] Булардын баары, албетте, чындыкка дал келбеген пикирлер экендигин билүү талап ылайык. Орто кылымдарда бир эле чоң түрк элинин уруу-уруулары катары жашап турушкан, ошондуктан түрк элдеринин тарыхы, маданияты, тили, дили, салт-санаа, үрп-адаттары көп жагынан окшош, үндөш, тамырлаш болгон. Өзгөчө орто кылымдагы жана ага чейинки маданий мурастар ажыратылгыс болуп, көпчүлүк түрк элдеринин басып өткөн жолу катары эсептелинет. Мына ушундай жагдайды эске алган бир катар окумуштуулар бул эмгектерди жалпы түрк элдерине бирдей таандык болгон орток мурастар деген пикирге токтолушту. Мына ушул концепция акыркы мезгилде көбүрөөк колдонула баштады. Казак адабиятчысы, профессор А.Кенжебаев: «...жогоруда аталган жазууларды, жазма адабият нускаларын, адабий чыгармаларды, жазуучулар менен илимпоздорду азербайжан жана түркмөн да, кыргыз менен кара калмак да, казак менен өзбек да өз адабиятыбыз деп ээлик кылууга, адабият тарыхына киргизүүгө акылары бар,

[44] Артыкбаев К. Орто кылымдагы адабий эстеликтерибиз жөнүндө,-Б.: Кыргызстан маданияты, 1990, №38, 20-сентябрь.
[45] Гульниса Жамал. Жусуп Баласагындын "Кутту билим" чыгармасынын Кытайда изилдениши. – Б.: Avrasya Press, 2011, 9-бет.

ошондой кылууга милдеттүү!»[46] – дейт. Ал эми кыргыз адабият таануу илиминде Жусуп Баласагын жана анын «Кут билим» дастаны жөнүндө жалпы эле орток адабий мурастар маселеси тууралуу алгачкылардан болуп олуттуу сөз козгогон илимпоз, професор К.Артыкбаев болгон. Мындай ойдун далилдүү негизи болуп, автордун 1967-жылы 1-январда жарияланган «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» - аттуу макаласы күбө болот. Негизинен, бул макаланын аты айтып тургандай, кыргыз адабиятынын тарыхына бул эстеликти киргизип үйрөнсөк, б.а. кыргыз адабиятын улуу эпосубуз “Манастан” кийин эле дароо Т. Молдодон, Токтогулдан баштоо менен чектелбестен, андан мурунку ѵɪ-xɪ кылымдардагы Жусуп Баласагындын “Кут билим” дастаны жана Махмуд Кашкаринин “ Түрк сөздөрүнүн жыйнагы” аттуу жазма эстеликтерин да кыргыз адабиятынын тарыхына киргизүү жана окутуу маселесин күн тартибине курч коюп, төмөнкүдөй ойлорун да сунуш кылган:

- Бул адабий мурастар – орток адабий мурастар, түрк тилдүү элдердин ичинен кыргыз элине көбүрөөк таандык. Анын тили азыркы кыргыздыр үчүн казак, өзбек, уйгул элдери сыяктуу эле түшүнүктүү.
- Азыркы Токмок шаарынын түштүк жагында (Бурана мурасы турган жайда) xɪ-xɪɪ кылымдарда да Баласагун шаары болуп, ал Караханид мамлекетинин экинчи борбору катары эсептелген. Ошол шаарда Ж.Баласагын туулган, ал өзүбүздүн жердеш бабабыз.

Мына ушундай мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрүн адабиятчы К.Артыкбаев сунуш кылгандан кийин, албетте, буга жооп иретинде ар түрдүү көз караштагы кыргыз окумуштуулардын макалалары жарыялангандыгын, айрыкча ага каршы пикирлердин болгондугун таанууга болбойт. Ошого карабастан биз кыргыз эли К.Артыкбаев менен катар бир топ окумуштуулардын көз караштарын туура баалап, А.Акматалиев “Кут билим” тууралуу макаласында белгилегендей; “Куттуу билим” түрк элдеринин, анын ичинде кыргыз элинин мактаныч менен туткан, жападан

[46] Кенжебаев Б. Казак адабиятынын тарыхы тууралуу // Казак адабияты,1996, 18-март.

жалгыз орто кылымдагы көөнөрбөс жазма чыгармасы” [47] -деген көз карашын тутунууга тийишпиз.

[47] Акматалиев А. Кыргыз адабияты: Тарых жана мезгил. –Бишкек, 2010, 97-б.

# III БӨЛҮМ

## 3.1.Жусуп Баласагындын философиядагы орду

Жусуп Баласагын – орто кылымдагы түрк элдеринин анын ичинде кыргыз элинин философиялык ой-пикирлеринин өнүгүшүндө өзгөчө роль ойногон чыгаан ойчул экендигин жогоруда айтып өттүк. Ал адабият жана тил илими тармагында эле талантуу болбостон, өз мезгилинин белгилүү философу жана көрүнүктүү окумуштуу да болгон.

Жусуп Баласагындын эмгегинде түрк урууларынын өнүгүшү, үй-бүлө, мамлекет, укук, ахлак, эл аралык мамилелердин тарыхы чагылдырылган. Ойчулдун чыгармасында табият кубулуштары, коом жана адамдын турмушу, акыл-эс жана адамдардын адеп-ахлактуулугу тууралуу терең ой-жүгүртүүлөрү камтылган. Чыныгы дүйнөнүн ар кандай процесстеринин жана кубулуштарынын маңызын түшүнүүгө жасалган аракет, адамзат акыл-эсин баалоо, маданияттын жана билим берүүнүн жетишкендиктерин кадырлоо, теорияны практика менен байланыштыруу жана өз доорундагы коомго мүнөздүү социалдык проблемаларды чечүүнүн жолдорун рацианалдуу негиздөө мүнөздүү.

Жусуп Баласагындын өз мезгилинин реалисттик идеяларын уланткан белгилүү агартуучулардын бири болгон. Анын турмушу негизинен Караханиддер каганатынын маданий борбору – Баласагында жана Кашкарда өткөн. Жогоруда айтып өткөндөй ал мына ушул маданий борборлордон билим алып, математика, астрономия, медицина, араб-перси адабияты, рифма теориясы, тарых, география боюнча билимин тереңдеткен. Жусуп Баласагын философия жаатында абдан терең билимдүү адам болгон. Ойчулдун мурастарынын идеялык мазмунун изилдөө менен анын Аль-Фараби, Беруни, Ибн Синанын эмгектери, алардын жалпы эле дүйнөгө болгон көз караштары, анын ичинде философиялык көз караштары.

Ошондой эле алардын эмгектери аркылуу  - Аристотель сыяктуу байыркы грек философиясынын өкүлдөрүнүн эмгектери жөнүндө кабардар экендигине ишенүүгө болот.

Жусуп Баласагындын “Кут билим” дастаны этикалык-дидактикалык чыгарма катары орто кылымдагы чыгыш адабиятынын түрк тилиндеги эң ири маданий эстеликтеринин бири. Бул чыгарма башкаруучулар үчүн насият формасында түрк тилинде жазылган. Анда социалдык-этикалык маселелер эле эмес, орто кылымдагы ойчулдардын рухий изденүүлөрүнө мүнөздүү көптөгөн философиялык проблемалар көтөрүлөт. Мына ушуга байланыштуу А.Н.Кононов “өзүнүн бүткүл моралисттик багыты боюнча “Кутту билим” кээде айтылып жүргөндөй турган этика. Дидактикалык насияттарга жана акыл айтууларга толгон китеп болуп эсептелинбейт жана эсептелиши да мүмкүн эмес. Бул адамдын коомдогу ордун жана ролун талдоого алган философиялык чыгарма”, - деп адилеттүүлүк менен белгилейт.

“Кут билим” поэмасын реалдуу турмуштан бөлүнүп калган чыгарма катары кароого болбойт. Жусуп Баласагын мамлекетти башкаруу, саясат, адамдын жашоосунун маңызы тууралуу суроолорго негизинен реалисттик позицияда ой жүгүртүүгө, математиканын, астрономиянын проблемаларына илимий мамиле жасоого аракет жасаган. Ойчул өзүнүн поэмасында элдик акылмандыкты, түрк элдеринин фольклорун, макал-лакаптарды жана учкул сөздөрдү абдан кенири жана билгичтик менен колдонгон. Жусуп Баласагын өзүнүн этикасында көбүнчө адамдарды жан-дүйнөнүн бийиктигине умтулууга чакырып, алардын ички толгонууларын адилет баяндап, аларды бактыгы жетүү үчүн аракеттенүүгө үндөйт.

“Кут билим” поэмасында дүйнө таануучулук проблемалар өтө кеңири жана ар түрдүү. Булар баарынан мурда болум, ой жүгүртүү, жашоонун маңызы, өлүм жана түбөлүктүүлүк, ааламдын келип чыгышы, анын түзүлүшүнө байланыштуу маселелер. Бул проблемаларды ойчул орто кылымдагы теологиялык жана философиялык багытка ээ болгон

тенденциялар катары чечмеленген “Кудай” жана “дүйнө” деген түшүнүктөр аркылуу караган.[48]

“Кудай” түшүнүгү Жусуп Баласагындын чыгармачылыгында кудайды өзү жараткан дүйнөгө карама-каршы чыккан абсолюттуу феномен катары көрсөткөн мусулманча түшүнүккө окшош эмес. Ойчулдун ырастоосуна ылайык, Кудай – бул бүтүндөй дүйнө, курчап тургандардын бардыгы анын бар экендигин туюндурат, ал эми өзү ушул дүйнөнүн бөлүгү болуп эсептелинет. Кудай – субстанция. Ал дүйңөнүн жападан-жалгыз алгачкы себеби катары көрүнөт:

Жаратты эрки менен Аалам жерди,
Аалам жарыктыкка Кун, Ай берди.
Тегеренме асманды жасап койду,
Түбөлүк тынымы жок айланмалуу.
Көк асманга чачып койду жылдызды,
Кара түнгө каршы койду күндүздү.
Айрым жылдыз түнкү көктүн саймасы,
Да бирлери – коктү коргоп айланчу...
Жылдыз оту – бири бийик, бири пас,
Сан жылдыздын бири жарык, бири аз.[49]

Жусуп Баласагын Кудайды ал жараткан нерселердин дүйнөсү менен өтө тыгыз байланышта карайт. Мына ушунун өзү ойчулду жаратуучуну анын өзүнүн жараткандарына сиңирген, кудайды табият менен окшоштурган пантеизмге[50] алып келет. Кудай – бул чыныгы дүйнөнүн алгачкы себеби жана бардык жандуу нерселердин жашоосу үчүн алмашуусунда мааниге ээ. Жусуп өзүнүн поэмасында Кудай менен адамдын биримдигине өзгөчө көңүл бөлөт. Анын ою боюнча, адамды Кудай жаратып, ага табигый жана мыйзам-ченемдүү канааттандырылуучу каалоолорду жана муктаждыктарды берген.

[48] Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон: Т.Козубеков,М, 1993, 57-бет.
[49]Ж.Баласагын: Куттуу билим,которгон: Т.Козубеков,М, 1993, 59-б, 76-б.
[50] Пантеизм-Жусуп Баласагындын дүйнөгө болгон көз карашынын негизин түзгөн. Ойчул пантеизмдин позициясынан дүйнөнүн процесстери менен кубулуштарынын маңызын түшүндүргөн.

Эгерде айрым бир суфий ойчулдары үчүн бул дүйнөдөгү бардык камкордуктар – болгону адамдын чыныгы иши – кудайга кызмат кылуудан алаксыткан курулай убакыт коротуу, убаракерчилик болсо, ал эми Жусуп Баласагын боюнча адам дүйнөдөн бөлүнүп калбастан, жашоодогу проблемаларынан баш тартпастан, өзүнүн айланасындагыларга жакшылык жасоо менен кудайга кызмат кылышы керек. Чыныгы такыбалык жашоо өзү үчүн, жеке өзүн сактоо үчүн эмес, адамдар үчүн кызмат кылганда гана бааланат. Б.а. жашоонун маңызы адамдардын жыргалчылыгы үчүн аракеттенгенде:

Сен элге жөлөк болгун көңүл бөлүп,
Эл кызматын кылбаган – тирүү өлүк!
Адам эмес – жалаң өзүм дегендер.
Чыныгы адам – элдин камын дегендер![51]

Поэманын көп жерлеринде жашоонун маңызы тууралуу теориялык проблемалар өлүм жана түбөлүктүүлүк проблемалары менен байланышта каралат. Ойчул үчүн айрым адамдын өмүрү акыры аягына чыгат, ал эми жалпы эле жашоо чексиз. Адам өлөт, бирок ысымы өлбөс. Ал эми “кимдин ысымы өлбөс болсо, ал өзү чексиз”, -деп ырастайт ал.

“Кут билим” поэмасынын идеялык мазмунуна талдоо жүргүзүү анда космологиялык мүнөздөгү проблемалар көп орун ээлерин көрсөтөт. Өз мезгилинин табият таануу маселелери менен жакшы тааныш болгон Жусуп Баласагын адамзат болуму проблемасынын контекстинде ааламдын түзүлүшү, асман телолорунун кыймылы тууралуу, Жер, курчап турган чөйрө, адамдардын денеси тууралуу ой жүгүрткөн. Ушуга байланыштуу ал философиялык ой-пикирлерди айткан.

Алсак, ойчулдун асман телолору тууралуу ой-жүгүртүүлөрү байыркы доордо окумуштуулардын геоборбордук космологиясы, атап айтканда дүйнөнүн Птолемей түзгөн картинасы менен жалпылыктарга ээ. Бирок, ал “байыркы грек окумуштууларынын көптөгөн жоболоруна макул болуу менен, ошол эле учурда Птолемейдин бардык эле асман телолору бир

[51] Ж.Баласагын:Куттуу билим, которгон: Т.Козубеков,М, 1993, 42-бет.

тегиздикте кыймылдайт деген оюна шектенүү менен карайт. Анын жылдыздар Жерден ар кандай аралыкта жайгашкан, Жер шар түрүндө жана өз огунда айланып турат...”[52], - деген өзүнүн концепциясын сунуш кылган. Байыркы доордо дүйнөнүн  мына ушул реалисттик тенденциясына анын дүйнөнүн материалдык түзүлүшү жана адамзат денеси тууралуу ой-жүгүртүүлөрүн да кошууга болот. Ал үчүн бүтүндөй эле дүйнө, анын ичинде тирүү жандыктар: оттон, суудан, абадан жана топурактан б.а. жылуулук менен сууктуктан, нымдуулук менен кургактыктан турат. Анын ичинде тирүү жандык катары адам да бар.

Чыгыш перипатетизминин реалисттик ой-пикирлерине, дүйнө жана адам тууралуу илимий көз караштарга таянып, Жусуп Баласагын дүйнө чексиз, болум бирдиктүү, ал обьективдүү жана адамдын индивидуумуна көз каранды эмес деп ырастаган. Адам дүйнөдө, табиятта жашайт. Табияттын башка конкреттүү бөлүктөрүнөн жана нерселеринен адам өзүнүн таанып-билүүгө жана ой-жүгүртүүгө жөндөмдүүлүгү, эң эле жеткилен, баалуу жандык экендиги менен айырмаланат. Жусуп Баласагындын философиялык ой-пикирлеринде таанып-билүү проблемасы, анын табияты, чексиздиги тууралуу маселе өзгөчө орунду ээлейт. “Кут билим” поэмасына гносологиялык аспекте талдоо жүргүзүү акындын таанып – билүү теориясынын алгачкы пунктун адамга болгон гумандуу мамиле, аны табият менен байланыштырууга жана анын абалын бир аз болсо да жакшыртууга жасалган аракет түзөөрүн көрсөтөт. Ойчулдун пикири боюнча чыныгы дүйнө түгөнгүс байлыктардан турат жана ал адамдын жыргалчылыгы үчүн бар болгон реалдуу, ишенимдүү булак. Табият адамга чыныгы бакытты тартуулайт. Адамдын маңызы – аны таанып билүүдө. Ушундан улам “чыгаан ойчул өзүнүн замандаштарын накта билимге үндөйт, ансыз дүйнө караңгы болоорлугун, таанып-билүү жоктугун, дүйнөнү терең түшүнүп, майнаптуу жашоо үчүн билимди системалуу түрдө толуктап туруу зарылдыгын баса белгилейт. Билим – жарык, билим – жан дүйнөнүн азыгы, билим – акылмандык, билим – бактылуулук, билим – бийик кадыр-барк,

[52] А.И.нарынбаев, Взгяды Юсуфа Хас Хаджиба на мироздание и его гносология // Эхо науки. – 1996. -№3.

аброй деген адам рухунун чордонун аныктап көрсөтөт". Акын мындайча белгилейт:

Билим бийик түгөнбөс, окуу – улук,
Адамда ушул эки артыкчылык.
Бул сөздөн өтөм күбө,
Акылдан каалашынча алгын, үрө.[53]

Таанып-билүү процесси тууралуу Жусуп Баласагындын философиялык ой-жүгүртүүлөрү чыгыш перипатетиктеринин таанып-билүү теориясынан түздөн-түз келип чыкканы шексиз. Мындай көз карашты поэманын "Кут билим" деп аталышынын өзүндө эле чыгыш перипатетизминин негизги гнгосологиялык принциби – таанып-билүү менен изгиликтин бирдейлиги чагылдырганы ырастайт.

Албетте, Жусуп Баласагындын таанып-билүү теориясына суфизм белгилүү деңгээлде өз таасирин тийгизген. Ошондой болсо да, ойчул өзүнүн гносологиясында анын чектеринен чыга алган. Ага чыныгы дүйнөнү туура, обьективдүү чагылдыруу тууралуу ой-пикирлер мүнөздүү болгон. Жусуп Баласагын өтө көп кырдуу курчап турган чөйрөнү таанып – билүү зарылдыгы жана мүмкүндүгү тууралуу идеяны жактоочулардан болгон. Болумдун мыйзамдарын таанып-билүү адамдын ишкердик турмушун коштоп жүрүүсү керек. Дүйнөнү таанып-билүүгө боло тургандыгына ишенүү анын гносологиялык теориясынын негизин түзөт. Ошондуктан "жети катмардан турган асмандын сырларын таанып-билүүгө" болгон аракет табигый көрүнүш.

Адамзаттын акыл-эсинин күчүнө, адамдын дүйнөнүн бардык көп кырдуулугун таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнө ишенүү, акыл-эстин ролун ишенимге өткөрүп берген ортодоксалдык исламга карама-каршы келген. Жусуп Баласагын өзүнүн философиялык көз караштарында адамзаттын акыл-эсине жана анын нерселердин маңызына жетүү жөндөмдүүлүгүнө эч кандай чек койбойт. Курчап турган дүйнөнүн чындыктарын таанып-билүү, анын оюу боюнча түгөнгүс чексиз процессти элестетет:

---

[53] Ж.Баласагын:Куттуу билим, которгон: Т.Козубеков,М,1993, 78-бет.

Билим деңиз түбү да, чеги да жок,
Канча сузсаң азайбайт, толо берет!

## 3.2. “Кут билимде” адилеттүүлүк түшүнүгүн чечмелениши

Орто кылымда түрк-кыргыз Жусуп Баласагындын алгачкы жолу түрк тилинде жазылган “Кут билим” дастаны энциклопедиялык мүнөздө болуп, анда жашоо-турмуштун тереңинде жаткан мыйзам –ченемдер арбын. Аалам менен коом турмушу тууралуу ар түркүн маалымат алууга болот жана бүгүнкү күнгө чейин дүйнөдөгү бир катар илимпоздор, окумуштуулар бул дастанды ар кыл өңүттөн изилдеп келишти.

Жусуп Баласагындын бул дастанында жашоонун негизин төрт башат (башталма) түзөт: 1.Адилеттүүлүк, 2.Дөөлөт, 3.Акыл, 4.Каниет. ойчул поэмасын көркөм аллегориялык формада жазгандыктан, аталган башаттарды персонификациялаштырып, алардын ар бирине  ат берүү менен, коомдогу статусун да белгилейт:

1) Адилетти – Күнтууду Элик – падыша;
2) Дөөлөттү, Куттуу символдогон Айтолду – вазир;
3) Акылды чагылдырган Акдилмиш – вазирдин уулу;
4) Каниеттиктин белгиси болгон Өткүрмүш – вазирдин бир тууганы.

Поэманын сюжети өтө татаал эмес, диолог түрүндө жазылган кош ыр саптардан түзүлгөн. Жогоруда да белгилеп өткөндөй, ойчул “Кут билимди” ошол доордун социалдык, саясий жагын да эске албай койгон эмес. Өз учурунун өзгөчөлүгүн терең аңдай билген ойчул чыгармасын мезгилдин талабына, дүйнө түшүнүгүнө ылайыктап адабий көркөм формада жазып,

бирок анын аркасында терең философиялык-метафизикалык маңызды ачып берүүнү максат кылган. Автордун дүйнө түшүнүгү, философиялык көз карашы – чыгарманын жалпы турпат-табиятын, маңыз-мазмунун аныктап турат. Ойчул турмуштук кубулуштарды акыл-эстин элегинен өткөрүп, анын уруунтуу учурларын жалпылап, анан мындай жалпылыктардын теги, пайдубалы жөнүндө өзүнүн билим деңгээлине, дүйнө көрүмүнүн масштабына, көлөмүнө жараша ой калчап, акыл тегеретет.

Жусуп Баласагын адам турмушун, жашоонун маңызын жалпы эле дүйнө, аалам түзүлүшү менен байланыштырат. Ал эми жалпы эле бир гормониялуулукка, универсалдуулукка багытталган бул чөйрөлөрдүн белгилүү бир тартип, ыраттуулук, иреттүүлүккө баш ийе тургандыгын ал алгач өзүнүн космологиялык түшүмдөрүндө жана адамзаттын социум жана табият, курчап турган чөйрө, деги эле аалам менен болгон карым-катнашты, алардын ортосундагы тең салмактуулукту көркөм ыкма менен туюндурат. Айлана-чөйрө, аалам, дүйнө анын пикири боюнча бири-биринен айырмаланган катмарлардан турат: үч-үчтөн бирикен задиактын он эки белгисинен төрт үчилтик (триада) түзүлөт; булардын биринчиси От, экинчиси Суу, үчүнчүсү Аба, төртүнчүсү Жер жаралат.

Он эки топ жылдыз бар түнкү чакта,
Баарынын оруну бир жана башка. (138)

Жер, сууга, отко, желге – үчтөн тийди,
Баарына энчи болду үчтөн белги. (143)

Бири-бирине булар каршы теңдешкис,
Бири-бирине булар – душман элдешкис. (144)

Жолукпайт, айлампада тегеренет,
Көрүшпөйт, бирин бири ээрчип жүрөт. (145)[54]

[54] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // кырг.которгон Т.Козубеков.-Бишкек,2011

Демек, дүйнө түзүлүшү негизинде аталган төрт башат орун алган. Дүйнөнүн мындай стихиялардан түзүлгөндүгү тууралуу ой-пикирлерди байыркы кытай жана антикалык грек философторунан учуратабыз. Мисалга, байыркы грек натуралист ойчулу Эмпидокл (б.з.ч 490-430), кийинки мезгилдерде болсо, тагыраак айтканда, орто кылым чыгыш философтору Аль-Фараби, Ибн-Сина, Бурини ж.б. дүйнөнүн башатын ушул төрт элементтин кошулмалары катары түшүндүрүшкөн. Бул башаттардын касиети туруктуу болуп, өзгөрбөйт, бири-бирине өтпөйт, айланып кетпейт, бир гана алар биргелешип макро жана микро дүйнөнү түзүшөт.

Жусуп Баласагындын коомдук түзүлүш, социалдык болум тууралуу ойлору да анын космологиясы менен үндөшөт, адамзат коому жалпы табияттын бир бөлүгү катары каралат.

Бул жерде айта кетүүчү жагдай эмне үчүн дүйнөнүн космологиялык жана космогониялык түзүлүшү жөнүндө сөз кылып жатабыз? Бул тууралуу кеп козгоонун жөнү, зарылдыгы кандай? Анын адам коому менен байланышы кандай? Жогоруда келтирген ойчулдун ыр саптарынан баамдаганыбыздай, ааламдын турпаты, түзүлүшү белгилүү бир тартиптин негизинде бир кыймылда жүрөт. Ошондой эле адамзаттын жашоосу да ушул мыйзам ченемдерге бай ийет. Ал эми бул мыйзам ченемдер ааламдагы бардык кубулуштардын ортосундагы балансты, тең салмактуулукту камсыз кылган *Адилеттүүлүк принцибине* негизделет. Бекеринен Жусуп Баласагын адилеттүүлүктүн образын чагылдырган Күнтууду Эликди дастандын баш каарманы катары көрсөткөн жок. Ойчул мунун аркасында терең философиялык ой берметтерин ортого салган. Аны ошол учурдун түшүнүктүү тили [55] менен адилеттүүлүктүн эң мыкты денгээлинде чагылдыра турган мамлекет башкарууга салыштырып толук жеткирүүгө аракет кылган. Мына ушундан улам, адилеттүүлүктү бир гана мамлкеет

---

[55] Бул жерде канчалык философиялык, онтологиялык маселе жаткандыгына карабастан, аны философиялык татаал категория, түшүнүктөр менен концепция түрүндө эмес, тарыхый шартка жана билим деңгээлине жараша калкка түшүнүктүү болгон коомдук кубулуштар аркылуу берүүгө далалаттанган. Экинчиден ошол мезгилдин салттуу көрүнүшү болгондугун да эске тутуу абзел.

башкаруудагы маанилүү түшүнүк катары карап, ал эми дастанды бир саясат таануу катары баалоо жетишсиз. Демек, ушул өңүттөн алып караганда, адилеттүүлүк – бул өзгөрбөс, ар дайым бар болгон, мезгил менен мейкиндин алкагынан тышкары турган, толук маңыз. Француз философу К.Вольтер (1964-1778) “эң бийик жакшылык же изгилик – бөлүнгүс, ал бар же жок болушу мүмкүн, бирок эч качан жарым-жартылай болушу мүмкүн эмес”[56] – деген сыңары, адилеттүүлүк да ушул касиетке ээ. Жусуп Баласагын адилеттүүлүктү чагылдырган чыгарманын баш карманы - падышанын ысмын эмне үчүн Күнтууду деп атаганынын себеби, ойчул адилеттүүлүктү өзгөргүс, туруктуу касиетин күнгө салыштырат:

Күндү көр эч кемибей толуп турат,
Жарык оту түгөнбөй күйүп турат.

Менин да сапаттарым күнгө окшош,
Адилет иш бөксөрбөйт, кемип койбос.

Экинчи – күн ааламга жарык чачат,
Адамга нурун төгүп турат жайнап!

Үчүнчү – Күн асмандан ысык айдайт,
Жер бетине миң түркүн гүлдөр жайнайт.

Бийлигим жеткен жерге өмүр берет,

Жакшы зандан эл жыргап, чөл көгөрөт!

Күн нурун баардыгына бирдей төгөт,

Жакшыга, жаманга да бирдей бөлөт.

---

[56] Бокошов Ж. Неизбежность нотологии. Жалал-Абад, -2004, 34-б.

Иштеримди мени да күндөй сапат,

Баары бирдей өзүмдөн чындык табат.

Демек, адилеттүүлүк күндөй туруктуу. Күндүн асмандагы жана задиактагы ордундагы мисалга алат ойчул:

Өзгөрбөйт күндүн орду көк асманда,
Туруктуу алган жайы ааламда да.

Тобунда арстан жылдыз андан кетпейт,
Топ жылдыз эч козголбойт,

"Күн сыяктуу кебелбес менде: -
Өзгөрбөйм, көпкө бирдей мендеги иш!"[57]

Бул жерде Жусуп Баласагындын айткандарын кайрадан келтиргенимдин себеби – адилеттүүлүктү болум катары карап жаткан соң, анын болумга ылайык келе тургандай критерийлерин ойчулдун айтканы менен байланышын куруу. Байыркы грек философу Парменид болумга берген аныктамаларында, төмөнкүдөй мүнөздөмөлөрүн санайт: Болум жаралбайт да, жок болбойт, ар дайым бар; ал бүтүн, бөлүнбөйт, жарым-жартылай эмес; аз же көп, кичине же көлөмдүү болушу мүмкүн эмес, дайыма толук; анын төгөрөгү төп келет, бөксөрбөйт, кемибейт, өзгөрбөйт, өспөйт; ал шаар сымал, кыры да жок, чети да жок, ортосу ар бир чекитинде.[58] Эгерде адилеттүүлүктү мына ушул чен-өлчөмгө салып карасак, толугу менен болумдун критерийлерине дал келерине күбө болобуз. Болум болгон соң аалам менен катар адам, коом турмушун да ичине камтый турганы атпасак да түшүнүктүү. Ушундан улам төмөнкүдөй суроо жаралбай койбойт: коом турмушунда адилеттүүлүктүн болушу канчалык деңгээлде маанилүү? Же болбосо, таптакыр адилеттүүлүк тууралуу түшүнүк болбостон, ага негизделбеген мыйзам-ченемдер болбосо коомдо чар-жайыттык, хаос болсо

[57] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. //кырг.которгон Т.Козубеков. –Бишкек, 2011, 101-102-б.
[58] Бокошов Ж. Неизбежность нотологии. Жалал-Абад, -2004, 48-б.

социалдык болум канча убакытка чейин өзүнүн барлыгын уланта алат? Деги эле адамдын жашоо маңызы кандай? Бул жерде эске тутушубуз керек болгон бир жагдай, жогоруда адилеттүүлүктүн табияты тууралуу кеп болгон бөлүмдө (1-бөлүм),анын маңыз катары ар дайым, баардык жерде, бүтүн, өзгөрбөс – акыйкат менен барабар экендиги айтылып, ал эми ага адам аралашкан чакта, субъективдүү мүнөзгө өтүп кубулуш мүнөзүнө өтөөрүнө токтолгон элек. Демек, адилеттүүлүк коомдук болумда өзүнүн ички маңызын толук ачпайт. Бирок, бул кандайдыр бир пессимисттик көз караш эмес. Себеби, деги эле адам аралашкан жерде жүз пайыздык идеалдуулук болушу тагыраак айтканда адилеттүүлүктүн да толук ишке ашышы мүмкүн эмес. Андай жагдай бир гана утопиялык көз караштарда, чыгармаларда кезигээрин, практикада болбогондугун адамзаттын бай тарыхы тастыктайт. Мына ушул өңүттөн алып карай турган болсок, Жусуп Баласагын адамзатка, алардын төгөрөгү төп келген бактылуу, бейкуттукта жашоосу үчүн сунуш кылган бул эмгеги да көпчүлүк тарабынан утопиялык катары кабыл алынаарын да тануугa болбойт.

Жусуп Баласагын башта айтылган төрт башатты (адилеттүүлүк, дөөлөт, акыл, каниет) адам жашоосунун маaани-мазмунун, маңызы менен максат-мүдөөсүн аныктай тургандыгын жогоруда да белгиледик. Тактап айтканда, коомдук чөйрө Адилеттүүлүк, Дөөлөт, Акыл-эс жана Токпейилдиктен турат. Ар бир индивиддин жана жалпы коомдун жашоосунун телегейи тегиз, төгөрөгү төп келген гормониялуу болушу аталган төрт негизге таянат. Атактуу немец философу М.Хайдеггер (1889-1976) болумду чытырман токойдогу жолго теңеген сымал же болбосо диний ыйык китептер адамзатка туура жол сунушкылган сыяктуу Жусуп Баласагын “Кут билимди” жазгандыгын бирден бир себеби, өзү чыгарманын кириш бөлүмүндө ойчул:

Ким китепти окуй билсе күнүнө,
Эки дүйнө жарык берер ишине.

-деп, кут даарып, эки дүйнө бактылуулугуна жетүүгө, жардам бере тургандыгын белгилейт. Эмесе, аталган ар бир изгиликке токтолуп, алардын адам жашоосундагы ролуна, маанисине көз чаптырсак:

*Адилеттүүлүк – Күнтууду:* Адилеттүүлүк – адамдар ортосундагы тартипти, теңдикти, мамлекеттеги мыйзамдуулукту орнотууда, калыс өкүм чыгарууну ишке ашырган өкүмдардын эң негизги касиети болууга тийиш. Ошол себептен чыгармада адилеттүүлүктү демонстрациялаган каарман – падыша же өкүмдар Күнтууду. Күн ааламда бирөө гана болгондой эле, өлкөнү башкарган адам да бирөө. Күн жарыгын жандуу-жансыздын баарына тегиз чачкандай эле, өкүмдар да жалпыга адилеттүү мамиле кылууга тийиш. Күн менен падышанын окшош сыпаттарын байкаган айрым түрк өкүмдарлары "Асманда күн бирөө, жерде да падыша бирөө" – деп ааламдагы күндүн жалгыз экендигин, өкүмдардын да туура өкүм чыгарышы үчүн бирөө гана болушун жар салат.[59] Өлкөдөгү элдин бакубат, бейпил жашоосун камсыз кылуу үчүн ал бийлик сапат-касиеттерге ээ болуусу шарт. Себеби, адамдар ар түрдүү: Чоң – кичине, адептүү – адепсиз, бидимдүү – билимсиз, акылдуу-акылсыз, ак ниет – кара мүртөз, жөнөкөй – текебер, бай – кедей. Адил падыша эч кимди "бий же кул" же ушул сыяктуу чен-өлчөм менен айырмалабайт. Бир гана адилеттүүлүктө негизделген мыйзам гана чен-өлчөм боло алат. Анткени, бардык адам мыйзам алдында бирдей. Жусуп Баласагын адилеттүү чечим чыгарууну поэмада бийликтин туруктуулугу адилеттүүлүккө таянгандыгын үч бутту такка салыштырат. Падышанын тагы үч буттуу болгондугу үчүн ийилбесда, кыйшайбас, бекем, туруктуу. "Бийликтин негизи – адилеттүүлүк, бийлер адил болсо дүйнөгө тынчтык орнойт"[60] –деп, муну кандайча ишке ашыра тургандыгы тууралуу Күнтууду Элик падышанын айтуусу аркылуу төмөндөгүдөй көркөм чагылдырат:

А бычак өзүң көргөн колумдагы,
Ушундай курчтук керек, билгин аны.

Бычактай иштеримди шарт-шарт кесем,
Нааданды жазалаймын тездик менен!

---

[59] Salim Koça. Kutadgu Biligde Hükümdar, Vazir Ve Sufi Tiplerinin Tanıtılmasında Ve Bu Tiplerin Temsil Ettikleri Fikirlerin Açiklanmasında Metaforların Folü. Gazi Universitesi, Ankara.
[60] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. –Бишкек, -2011.

Таттуу шире эмнеге? – азап чегип,
Жүргөндөр чындык табат менден келип,

Анан ал – шире татып сый урматтан,
Күн болуп күлүп турат, жайнап чыккан.

А ууну бузуктугун өзү туюп,
Чындыктан качкандарга берем куюп.

Аларга менин заңым катуу – ачык,
Уу даамын таттырамын, кетпейт качып.

Заң алдында бардыгын бирдей баалайм,
Жөнү жок каралабайм же актабайм.[61]

Жогоруда келтирилген "бычак, уу жана шире" адилеттүүлүктүн символу. "Бычак" – кыска мөөнөт ичинде күнөөлүнү күнөөсүздөн, тууранын туура эместен, акты карадан так бөлүп, укук менен адилеттүүлүктү камсыз кылууну билдирет. Бычак себеби ар дайым эки бөлүп, ажыратат. Өкүмдар сурак жүргүзүп жаткан кезде жанындагы уу –күнөлүүнү жазалоону, шире болсо, ак, күнөсүз адамды сыйлап, сүйүндүрүүнү жана ыраазы кылууну символдойт. Ал эми падышанын тактысынан үч буттуу болушу да бекеринен эмес. Себеби, өзү да келтиргендей, үч таяныч бул бекем жана туруктуу. Тактынын үч буттуу таянычы болушунан адилеттүүлүктүн үч негизги таянарын астейдил баамдайбыз. Коомдо *Адилеттүүлүктүн* орношу үчүн жана элдин эки дүйнө бакыты үчүн Дөөлөттүн, Акылдын жана Каниеттин болушу шарт. Андай болсо көркөм чагылдырылган мына ушул башаттардын ар биринин табияттын талдоо да максатка ылайык.

*Дөөлөт – Айтолду:* Бул – "Кут", "Бакыт", "Дөөлөт". Жусуп Баласагын Куттун касиеттин Айга салыштырат. Анын мүнөзү өзгөрмөлүү. Бирде бар да, бирде жок, кубулмалуу. Айдын он беши жарык, он беши караңгы. Ай

[61] Жусуп Баласагын. Куттуу билим. –Бишкек, -2011.

толгон кезде нурун менен ааламды көркүнө чыгарат. Бирок, ал улам бөксөрүп, улам кемип отуруп чыкпай калат. Кут да толгон ай сымал жеткен жерин бакытка, шаңга бөлөйт. Дөөлөт (кут, бакыт) – өзгөрмөлүү келет. Кыргызда "дөөлөт тоголок, мээнет жалпак" – деп айтылгандай, ал бир орунда турбастан тынымсыз тоголонуп жүрөт. Суудай агып, желдей сызган куттун касиеттери мына ушундай. Мейли ар бир адамдын бактысы, мейли мамлекетте бийлик болсун, баардык жакшылыктар кут менен кошо келет. Мына ушундай жакшылыктар куттан болуп жатса, башкаруунун, бийлик жүргүзүүнүн да куту, дөөлөтү бар. Жусуп Баласагын мамлекет башкаруучунун бийлик кылуу жөндөмү Кудайдан келгенди жөнүндө айтай. Бирок, Дөөлөт утурумдук болгон соң, аны сактап калуунун жолдору барбы? – деген суроо жаралбай койбойт. Мында эс-акыл кутту сактап калуунун эң эле бирден бир жолу.

*Акыл – Акдилмиш:* Акыл адамдагы эң бийик жөндөм. Акыл жөндөмү Тааным жана Логос сфераларынны көп бөлүгүн камтыйт. Ал кандай гана маселе болбосун акылдын элегинен өткөрүп, туура баа берүү, туура жол табуу, калыс чечимдерди кабыл алууда рацционалдуу ойлонууну камсыз кылат. Ойчул чыгармада мейли коомдук жана саясий этикада, мейли индивидуалдуу этикада болбосун акылдын, илим-билимдин мааниси зор экендигине басым коет жана Огдилмиштин образы аркылуу берип, анын маанисин төмөнкүдөй метафора аркылуу айкын түшүндүрүүгө даалаттанат. Адам – караңгы үй болсо, акыл – үйгө жарык берүүчү шам-чырак.

"Акыл – чырак, түндөсү сокурга – көз,
Денеге – жан, үндөбөс дудукка – сөз!

Акыл жакшылыктын башталышы,
Өзүндө баары түгөл, баары жакшы.[62]

"Кут билимде" "билимдин" философиялык теориясы болбосо да Жусуп Баласагын билим менен акылды бири-биринен айырмалайт. Билимдин акылдан айырмалаган эң негизги өзгөчөлүгү – анын жашоо процессинде ээ

[62] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // - кырг.которгон Т.Козубеков. –Бишкек, 2011, 1861-1865-бейттер.

болусу. Башкача айтканда, адам билимге үйрөнүү, маалымат аркылуу ээ болсо, ал эми “акыл” – адамдын тубаса касиети, ал төрөлгөндө эле потенциалдуу түрдө болгон адамдын эң жогорку жөндөмү. Ал эми чыныгы билимдин “билим” менен “акылдын” ширелишинен келип чыга тургандыгын жана мындай учурда жеке жана коомдук жашоонун каалагандай бардык жакшылыктарына жетүүгө жол ачыла тургандыгын баса көрсөтөт.

Акыл бир гана этикалык маанайда бааланую менен чектелбейт. Жусуп Баласагындын акылды эң зарыл универсум касиеттердин бири катары эсептеген. Анын пикиринде адам турмушунда деги эле адилеттүүлүк орноп, жашоо шарт ыңгайлуу деңгээлде болуш үчүн да, ырааттуу түзүлүшү үчүн да акылга таянышы керек.[63] Акылга таянган адамзаттын жашоодогу кандай гана иш-аракети болбосун, аягы ийгилик менен коштолот. Анткени акыл бет келген ар кандай маселени өз элегинен өткөрүп, иргеп, талдап, туура бүтүм чыгарууга жөндөмдүү. Ошону менен биз жашап жаткан аалам, бардык кубулуш жай-жайы менен, жөндүү (логикага таянган), райианалдуу түрдө түзүлгөнүн да баамдабай коюуга бобойт. Ошондуктан адилеттүүлүктүн болушу үчүн түзүлгөн жалпы универсалдуу мыйзамдарда акылга сыярлык, рационалдуулукка сөзсүз таянат.

Поэманын сюжетинде акылды, илим-билимди даңазалаган Акдилмиш Күнтууду Элик хандын сарайында вазирлик кызматка туруп, өлкөнүн күч-кубатын, элдин турмуш жыргалчылыгын дагы да арттырат.

Демек, адам өмүрүндө, коом турмушунда  Жусуп Баласагын акыл-эсти, илимди жашоонун жарык нурун чачкан дем, асыл нарктуу касиет катары абдан жогору баалайт.

*Каниет – Өткүрмүш:* Каниет – кандайдыр бир нерсеге карата канаат, топуктук кылуу. Чыгармада Нысаптын ,Каниеттин образын Одгурмыш – бул дүйнөнүн жыргалчылыктарынан баш тартып, баардык нерсенин убактылуу, бекер убара, пайдасыздыгын түшүнгөн дервиш, ислам динидеги суфи. Аны

[63] Абдрасулов С.М. Онтология ценностных приоритетов “Куттуу билим” Ж.Баласагына// Жусуп баласагын и современность.//Сб.Рес.науч.практ.конф.Часть ll.-Б.: Технология, 1998, 34-б.

ойчул бул дүйнөнүн дүнүйө-мүлкүнөн да "чыныгы дүйнөнүн" маанилүү экендигин түшүнгөн, "ойгонгон" адам катары баалап, анын образы аркылуу бүтүндөй адамзатты "ойготууну" көздөйт. Одгурмыштын аталышынын түпкү маанисин карай турган болсок, "ойгонгон" деген мааниге келет. Ж.Баласагын да мындай аталышты бекеринен атабагандыгын Одгурмыштын образынан даана байкасак болот. Түрк тилдеринде "уйку" – кыйыр маанисинде адамдын ой-жүгүртүү, түшүнүү жөндөмдөрүнүн пассивдүү абалын, ал эми "ойгонуу, ойгоо" – тескерисинче активдүү абалын түшүндүрөт. Башкача айтканда, кыйыр түрүндө бир нерсени аңдоо, түшүнүүнү билдирет. Ойчул "Кут билимде" "Ойгонуш" ысмы аркылуу динден кабарсыз караңгылыктан кутулуп, көзү ачылган, өзүнө келген, агарган, аңдаган, туура жолду таап чындыкка жеткен адамды үлгү кылат.[64] Жашоодо дүнүйө артынан кубаган, карапайым, дервиштик турмушта жашаган Одгурмыш Кунтууду Илиг хандын сунушуна макул болбойт. Хан сарайда кызмат кылуудан баш тартат да, ага бул жашоонун утурумдук экендиги, чыныгы жашоого умтулуу ж.б. тууралуу баалуу кеп-кеңешин берип, алардын "көзүн ачат", "ойготот"[65]:

"О боорум, күнүмдүктөн алыстап жүр,
Бул дүйнө бүт сеники, башы – сен, бил! (2011)

Напси менен пейилиңди тыйгын бекем,
Адамдын зор белгиси ушул экен. (6092)

Ач көз болуп дүйнөгө көзүңдү артпа,
Дүйнө калар, үмүтүң тийип ташка. (6115)

Бул дүйнө өтүп кетет жолу менен,
Өлөөрсүң, а мөөнөтүң билбейсиң сен". (6160)[66]

---

[64] Salim Koça. Kutadgu Bilig'de Hükümdar, Vezir Ve Sufi Tip'lerinin Tanıtılmasında Ve Bu Tiplerin Temsil Ettikleri Fikirlerin Açıklamasında Metaförlerin Rolü//Bahar, sayi 10,–Fnkara 2012.
[65] Бөкөшов.Ж. 13-кайрык. Кыргыз-Түрк метафизикасы –"Баласагын мектеби". Кол жазма.
[66] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // кырг.которгон Т.Козубеков.-Бишкек, 2011,6092,6115,6160,6161-бейттер.

Ойчул өткүрмүштүн образы аркылуу поэмадагы гуманизмдин кыймылдаткыч күчү болгон Адилеттүүлүктүн, Куттун, Сүйүүнүн, Бийик адамгерчиликтин, Акылдын жана Каниеттин булагы Жараткан экендиги ачык көргөзөт. Ушундан улам биз жогоруда айтылгандардан улам, кичинекей корутундуларга келебиз: Өз кезегинде ойчул өзгөрбөс, түбөлүктүү башат катары караган Адилеттүүлүк, Дөөлөт, Акыл жана Каниет эң башкы максат болгон гармонияга, бакытка телегейи тегиздикке жетүү үчүн бирин-бири толуктаган түшүнүктөр. Бул жеке адамдын да жумурай журттун да, жалпы адамзаттын да жашоосуна тиешелүү мыйзам. Демек, мыйзам болгон жерде кут да болот, бирок кутту, дөөлөттү күттү үчүн Акылдын жөндөмүнө муктаждык болот. Ал эми баары болгон соң бир нерсеге топук кылып, түбөлүгүн ойлоого тийиш. Жусуп Баласагын ушундай негизиг түшүнүктөр аркылуу адамзатты бул жарык дүйнөдө татыктуу жашап, тигил дүйнөнү да камын көрүүгө үндөйт.

## 3.3. “Кут билимде” адилеттүүлүк маселесинин саясат жана укукка байланыштуу каралышы

Кайсы гана мамлекет болбосун мыйзамдуулукка баш ийген, ар кандай социалдык, саясий, экономикалык жана башка коомдук мамилелердин баардык түрүндө адилеттүүлүк өкүм сүргөн болсо, өлкөдө бир гана ирettүүлүк, тартип болоору аны менен бирге элдин турмушу бейпил, бакубат, ынтымак менен коштоолору маалым. Ошондой эле мамлекет өзүнүн мамлекеттүүлүгүн да узак убакытка сактай алат.

Өлкөдө башаламандыкты, калктын руханий, маданий милдеттерин терең түшүнгөн жана жакындан изилдеген ойчулдар, философтор жана саясатчылар ар качан өкүмдар, падышаларга, вазирлерге адилеттүүлүктү

кеңеш беришкен, адилеттүүлүк болбосо мамлекеттин таянычтарынан ажырап кала тургандыгын түшүндүрүүгө далалаттанышкан.

xı кылымда Орто Азия түрк дүйнөсүнүн цивилизациясындагы өзгөрүүлөр байыркы жана салттуу баалуулуктарды, көз караштарды башаламан таасиринен улам Жусуп Баласагын "Кут билим" чыгармасын жазуу менен кыйраган моралдык жана саясий принциптерди жаңыдан колго алып, келечек муундарга  жана курула турган жаңы түрк мамлекетинин башкаруучуларына толук түрдө идеалдуу саясий доктрина калтырууну көздөгөн чыгар. "Кут билимден" да мезгилдин катаалдыгын жана достордун мерездиги туурасында айтылат.  Ойчул өз доорунда элдин руханий баалуулуктардан, нарк-насилден четтеп калганын айтып, коомдогу руханий башаламандыкты өкүнүү менен белгилейт:

Эл бузулду, унутуп үрп-адатын,
Кандай күнгө туш болдум, айтчы бачым(6588)[67]

Жакшы адат, жакшы заң – унут калды,
Эл бузулду, жакшы жан деги барбы?

Мына ушундай каадасын, наркын унута баштаган элге кейиген Жусуп Баласагын дастанын бир агартуучу катары ошол мезгилдеги коом жана мамлекетке карата терең жоопкерчилик сезими жана миссиясынан улам кагаз бетине түшүргөн. Ушундан улам түрк маданиятынын жана руханиятынын эң маанилүү болгон чыгармасы "Кут билимди" изилдегендердин көпчүлүгү аны негизинен бийлик ээлерине арналып жасылган саясий трактат, саясат таануу катары карашат. Себеби "Кут билим" саясат таанууда практикада колдонууга багытталган кеңеш, насаат, сунуш сыяктуу критерийлерине толук туура келээрин четке кагууга болбойт.

Дастандын аталышында эле көрүнүп тургандай, адамдарды эки дүйнөнүн тең бакытына жеткирүүнү ниет кылган Ж.Баласагын акылман адилеттүү мыйзамга негизделген идеалдуу мамлекет концепциясын түзгөн. Ал эми

[67] Жусуп Баласагын. Куттуу билим.// Которгон Т.Козубеков/-Бишкек,2011,6588-бейт.

жалпысынан карай турган болсок, мамлекет коомдук түзүлүштүн эң жогорку формасы, ар түрдүү топ жана таптарынын биргелешкен ишмердүүктөрдүн жана мамилелердин уюштуруучусу, багыт берүүчү, тартипке салуучу коомдук саясий сиситеманын негизги институту. Адилеттүүлүк – адамзат тарыхы боюнча ар дайым саамап келген коомдук идеал, ирет, тартип, эреже болуп келет. Адилеттүүлүк – бир коомдо акыйкаттыкка негизделген тартиптин түзүлүшү жана ал тартиптин сакталышы үчүн, ошол коомдогу адамдардын бири-биринин укуктарын сыйлоо менен бирге ар бир иш-аракетинде бул укуктун ишке ашышы көзөмөлдөнүүгө тийиш. Коомдук тартипти жөнгө салып, жалпы калайыктын бактылуу, тынч, бакубат жашоосу, укуктарынын корголушун, эл арасында теңдиктин болушун камсыз кылган адилеттүү өкүм – бийлик менен байланыштуу.

Ж.Баласагындын бийлик жана дүйнө түзүлүшү тууралуу көз карашында түрк элдеринин мифологиялык ишенимдери бар экендигин көрөбүз. Автор бийликтин жаралышында Жараткандын таасири бар экенинин, тандалаган адамдардын бийликке болгон укугунун мурасталчу тарабын белгилейт. Аларга бийлик жогору жактан берилген (Жаратkan берген) буйрук, ар нерсенин аныкталган тартиби, андай болгон соң айрым адамдар башка адамдарды башкарышы керек катары түшүнүлгөн. Демек, “кут” сөзү Жаратkandан келген дөөлөт, бакыт, береке жакшылык болсо, бийликке карата ал мамлекет башчыга бийлик эрки катары чечмеленет. Бирок, көңүл бура турган жагдай, чыгармадан баамдаганыбыздай, бийлик эрки куттун келиши менен байланыштуу болгону менен – бул абсолюттук теократиялык бийлик эмес.[68] Бул жагынан пантеисттик көз караштты көрүүгө болот, башкача айтканда алгачкы аракет Жаратkandан келет да, калганы механикалык жол менен өнүгү турган коз караш.[69] Бул түшүнүктү кийин

[68] Айрым авторлор тескеринче теократиялык бийлик деп баалашат. Караңыз: Mahmut Arslan. Kutadgu Bilig’deki toplum ve Devlet Anlayışı. - İstanbul ,1987. 23-27-беттер.
[69] Ө.Козубеков. Эмпирикалык этика. –Бишкек, 2013, 101-б.

ислам дүйнө карашы менен халифатты же ага тиешелүү өкүмдарларды "Алланын жердеги көлөкөсү" катары сүрөттөп түшүнө башташкан.[70]

Башкаруучуга бийлик эрки жогору жактан (Жараткандан) келгени менен ал элди авторитардык системада башкарып, элди эзип, бийликти кордук, зомбулук үчүн колдоно албайт. Өз кызыкчылыгн көздөп, өз билгенин жасабайт. Анын бийлиги элдин социалдык теңсиздигине карабастан укуктары тең, өкүм калыс боло тургандай мыйзам иштеп чыгууга тийиш. Дастанда мыйзам "тору" деп аталган термин менен берилет. Бул түшүнүк xl кылымдагы Караханий доорунда кеңири колдонулган түшүнүк болуп, төмөнкүдөй үч мааниде колдонулган:

-Түрк элдеринин салттык укугу;

-Башкаруучулардын салттык укугу менен алардын кул ээлөөчүлүк мамилелеринин эрежелерине карата ылайыкташтырылган буйруктары;

-Ахлактуулук, сылыктуулук, адептүүлүк сыяктуу этикалык сапаттардын синоними катары.

Мына ушундай чоң маанини камтыган "тору" түшүнүгүн ойчул чыгармадагы адилеттүүлүк түшүнүгү менен тең маанилеш карайт.

Дастан жазылган мезгилде ислам дини кеңири жайыла баштап жана дүйнө таанымда да өзгөчө система катары башкы орун ээ болуп баштаган. Башка айтканда коомдун философиялык, этикалык, саясий, эстетикалык ойломуна өз таасирин тийгизе баштаган. Бийликтин маңызы – бийлик ээсинин кол алдындагы элдер менен өлкөнүн тагдырын каалагандай калчоодо эмес, же өзүнүн жеке керт башынын кызыкчылыгын көздөп , күнүмдүк напсисинин азгырыгына баш уруу эмес. Ак иштөө менен жакшылыктарды жасоодо: өз элинин бакубат, ток турмушун, мамлекеттин коопсуздугун, коңшулаш элдер менен ынтымакта, тынчтыкта жашоону камсыз кылууда жатат. Бийлик – жалпы кызыкчылыкка, жалпы эл үчүн иштеши шарт.[71] Ал эми бийлик кандайча ишке ашат? Жогоруда белгилегендей бийлик – күч менен өзүм билемдик менен эмес, мыйзам аркылуу гана ишке ашышы керек.

---

[70] Hasan Hüseyin Adalıoğlu. "Bir Siyasetanme olarak Kutadgu Bilig".- İstanbul, 2009

[71] Токтоматова Н., Джаманкулов Ж. // Жусуп Баласагын: Наука управления государством. –Бишкек, 2011, 135-136-б.

Зомбулук – өрттөп кетчү кызыл жалын,
Мыйзам болсо – жер көгөртчү суусу анын!

Эгерде копкө бийлик кылам десең, -
Тартип чыңдоо – биринчи милдетде сен.

Мыйзам өлкө гүлдөйт, дүйнө гүлдөйт,
Зордукта – өлкө, эркиндик жашоо билбейт.[72]

Автор мыйзамдуулукка абдан терең бергендигин чыгарманын баштан аяк мыйзам менен мыйзамдуулук тууралуу ой айтылып, алардын мааниси менен багыты кеңири ачылып чечмеленип берилет.[73]

Мыйзам барбы – элде бейпил жашоо бар,
Анын аты кылымдарга даңкталаар.[74]

Ж.Баласагындын көз карашында мыйзам бийлик ээлери тарабынан көтөрүлөт жана ошондон улам бүтүндөй элге тартууланат. Бирок бийлик ээлерин пайдасын көздөбөйт, деңгээлине, даражасына, абалына, жакындыгына карабайт, баардыгына бирдей тиешелүү жана бирдей аткарууга тийиш экендигин айтат.

Уулумбу, бөтөн жанбы, тууган же дос,
Жолоочу, конок бекен болжоп болбос.

Заң алдында баардыгын бирдей баалайм,
Жөнү жок каралабайм же актанбайм.[75]

Мамлекеттеги эң негизги максат ишке ашышы үчүн бекем пайдубалдын үстүнө курулушу жана башкы принциптерден тайбашы керек. Ж.Баласагындын оюу боюнча, бул бекем пайдубал жана принциптердин эң башкысы мамлекет башкаруучунун жана анын чөйрөсүндөгү бийлик органдарынын акыл, билим, жөндөм жана ушул сыяктуу этикалык,

---

[72] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // кырг.которгон Т.Козубеков. –Бишкек, 2011, 2032-2035-бейттер.
[73] Токтоматова Н., Джаманкулов Ж. // Жусуп Баласагын: Наука управления государством. –Бишкек, 2011, 145-148-б.
[74] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // кырг.которгон Т.Козубеков. –Бишкек, 2011, 291-бейт.
[75] Жусуп Баласагын. Куттуу билим // кырг.которгон Т.Козубеков. –Бишкек, 2011, 817-818-бейттер.

моралдык сапаттары жагынан карапайым калктан жогору болушу керек. Бирок мамлекетти башкарууда акыл, билим, калыстык зарыл шарттар болгону менен болук түрдө максатка жетүүдө б.а. калктын бакубат турмушун камсыз кылуу үчүн жетиштүү эмес. Булар менен катар салт менен мыйзамга баш ийүү, зулумдук менен жалгандан алыс болуу, адилеттүүлүктүн кынтыксыз, жетиштүү түрдө ишке ашышына кам көрүү, эл үчүн жана алардын бактысы, бейпилчилиги үчүн талыкпастан эмгектенүү – четке кагылбай турган принциптер болуп саналышат.[76]

“Кут билимде” айтылган мамлекет демократиялык, социалдык жана укуктук мамлекет. Ж.Баласагындын көз карашы боюнча мындай мамлекетте бийликтин үч негизи бар: *тууралык-акыйкаттык, адилеттүүлүк жана калктын пайдасына багытталган укук тартиби*, б.а. мыйзам. Булардын ар бири эч кандай тоскоолдуктарга карабай өз убагында аткарылышы абзел, туура жана адил өкүмдар чыгарылып, булардын иш жүзүндө ашышында кеч калбай, сыйлай турганын сыйлап, жазалоочусун жазалаш керек. Өзгөчө адилеттүүлүк менен байланыштуу болгон учурда кеч калбашы шарт. Анткени, убагында адилеттүүлүк ишке ашпай калган учурда, зомбулукка алып келиши мүмкүн.[77] Ошондуктан Жусуп Баласагын Күнтууду падыша аркылуу “адилеттүүлүк, акыйкаттык издегендердин ишин узакка созбостон, бачак сымал кесип ажыратам” – деп адилеттүүлүктүн манисин басым жасайт.

Жогоруда айтып өткөндөй, ойчул чыгармасында мамлекеттин түзүлүшүнүн идеалдуу моделин берген. Анын иерархиялык социалдык – саясий баскычтардан турган түзүлүшү бар. Мамлекет башында адилеттүүлүктү, калыстыкты туу туткан өкүмдар турат.[78] Өлкөдөгү бардык коомдук турмуштун тең салмактуулугун сактап, ар кандай ич ара жана тышкы мамилелерди жөнгө салып турган эң башкы адам – бул мамлекет башчысы, өкүмдар экендигин ачык белгилөө менен “Кут билимде” автор

---

[76] Hüseyin Akyüz.Kutadgu Bilig’de Sosyo-Pedagojik Ve Siyasal Söylem.-Erzurum,2002,106-107-б.
[77] Nesat Doğan.”Kutadgu Bilig’in Devlet Felsefesi” // Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergesi,№12.-Kaysreri Türkiye 2002
[78] Ө.Козубаев. Эмпирикалык этика. –Бишкек, 2013, 106-107-б.

өкүмдар үчүн зарыл моралдык принциптердин системасын иштеп чыгат. Ал эми мындай абдан зор жоопкерчиликти мойнуна артынган, бийликтин тизгинин колуна алган бектин кандай сапаттарга ээ болушу керектиги тууралуу принциптер чыгарманын “Бектикке ылайыктуу бектик кандай болушу керектиги туурасында айтылат” жана “Акдилмиш” Эликке эл башкаруунун жолун айтат” – деген бөлүмдөрүндө, ошондой эле чыгарманын башка бир топ бөлүмдөрүндө да орошон ойлорун, баа жеткис акыл-насааттары келтирет:

Бек болушка татыктуу адам керек,
Күчтүү, өткүр, сабырдуу,баатыр жүрөк.(1945)

Эл башкарган бек болсо билими мол,
Ишин иштейт ой менен – орундуу, зор. (1952)

Эл үчүн адилеттүү башчы керек,
Калкына көңүл сөзү болсун жөлөк.(1963)

Бектерде эки нерсе болсун дагы,
Бири мыйзам, бири - сактык – өлкө камы. (2015)[79]

